Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

ХАЙРИДДИН СУЛТАНОВ, МУРТАЗА КАРШЫБАЕВ

# МЕКЕН СЕЗИМИ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН
6-КЛАССТАРЫ ҮЧҮН ОКУУ КОЛДОНМОСУ

***Улуттук идея жана идеология илимий-практикалык борбору басууга сунуш кылган***

*Толукталган жана кайра иштелген*
*4-басылышы*

ТАШКЕНТ «MA'NAVIYAT» 2015

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 37.035.6=512.154
ББК 74.200.50
С 85

Жалпы билим берүүчү мектептердин 6-класстарына арналган бул окуу колдонмо Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримовдун «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» жана «O'zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» аттуу китептеринин негизинде кайра иштелген. Анда Мекенге болгон сүйүү жана патриоттуктун негиздерин калыптандырган темалар окуучулардын өзүнө мүнөздүү түшүнүктөрдү эсепке алган түрдө, кызыктуу мисалдар, турмуштук далилдер жана заманбап методикалык усулдар аркылуу баяндалган.

**УЎК 37.035.6=512.154**
**ББК 74.200.50**

Жооптуу редактору:

*философия илимдеринин кандидаты* ***Абдурахим Эркаев***

**Султанов Хайриддин, Каршыбаев Муртаза.**
С 85 «Мекен сезими»: Орто мектептердин 6-класстары үчүн окуу колдонмосу/ Жооптуу редактору: А. Эркаев. ӨзР Элге билим берүү министрлиги – Толукталган жана кайра иштелген 4-басылышы. –Т.: «Ma'naviyat», 2015. – 120 б.
I. Автордош.

ISBN 978-9943-04-143-1

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:**

| | |
|---|---|
| – ачкыч сөздөр | – кунт коюп оку |
| – билип ал | – чыгармачыл ойло |
| – эсте сакта | – суроолорго жооп тап |

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-04-143-1

© Х. Султанов, М. Каршыбаев, 2015
© «Ma'naviyat», 2015

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *Биринчи глава.* МЕКЕНДИН АЗАТТЫГЫ – ЭҢ ЖОГОРКУ БАКЫТ

## ЭҢ ЫЙЫК, ЭҢ КУТТУУ МАЙРАМ

Ассалому алайкум, кымбаттуу окуучу! Сен жаңы окуу жылын баштап, кайра сүйүктүү мектебиңдин кучагына кайткан ушул күндөрдө журтубузда майрам оюн-зооктору улантылууда. 1-сентябрь – Эгемендүүлүк күнү экендигин сен албетте жакшы билесиң.

**Мекен дүйнөдөгү эң улуу, эң ыйык дөөлөт болгондуктан анын эгемендүүлүгү да ошончолук кадырлуу.**

Бүгүн сен пайдаланып жаткан мүмкүнчүлүктөр – кооз мектеп, жарык класстык бөлмөлөр, компьютерлер, маалымат-ресурс борборлору, спорт аянттары, заманбап окуу китеби жана окуу куралдары өзү-өзүнөн пайда болгон эмес. Эгемендүүлүктөн мурда алар жөнүндө атүгүл элестетүү да кыйын эле.

**Эгемендүүлүк эл-журтубузду зулум жана чынжырлардан бошотту, анын мыйзамдык укуктарын, ар-намысын, тарыхын, тили менен динин, улуттук баалуулуктарын калыбына келтирди. Ошондуктан эгемендүүлүк күнү биз үчүн эң улуу, эң ыйык майрам саналат.**

Биз өзүбүз дем алган, жашообуздун эң маанилүү шарты болгон таза аба, тынч-бейпил турмуш канчалык баалуу дөөлөт экендиги жөнүндө көбүнесе терең ойлоп көрбөйбүз. Бирок, алардан пайдаланбастан жашоого болбойт.

Сен бүгүн эркин жана азат, тынч жана бейпил өлкөдө жашап, заманбап окуу жайларында таалим-тарбия алып жатасың. Тилекке каршы, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө балдар мындай мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ООГАН КЫЗЫНЫН АРМАНЫ

Француз киночулары тарабынан сүрөткө тартылган «Будда да уятынан жерге кирди» деп аталган көркөм фильмде кичинекей кыздын жан-дүйнөсү менен билим алууга умтулушу, бирок Ооганстандагы жагдай, түркөйлүккө берилген адамдардын ага тоскоол болушу жөнүндө баяндалат. Бул кыз оор кыйынчылыктар менен бир аз акча табат жана дептер сатып алат. Бирок ручкага акчасы жетпейт. Апасынын боёнчу калемин алып, мектепке аттанат. Жолду катар согушту жашоонун мазмуну деп билген талоончу балдарга туш келет. Алар кызды «туткунга» алып, жерге тирүүлөй көөмп салмакчы болушат. Кыз алардын колунан качып, бир мектепке жетип келет. Тилекке каршы, ал эркек балдар мектеби болуп чыгат. Мугалим аны көчөгө айдап салат.

Кыз эми алыскы кыштактагы кыздар мектебине сапар тартат. Бирок башка кыштактан келгендиги үчүн ал жерден да куулат. Ошентип отуруп көчөдө калуудан, өзү баштап туш келген талоончу балдарга, башкача айтканда түркөйлүккө жем болуудан башка аргасы калбайт.



*Кымбаттуу окуучу, өлкөбүздө окуучуларды 1-класска кабыл алуу чыныгы майрам иретинде өтүшү жөнүндө сүйлөп бер. Жагдайды ооган кызы туш келген окуялар менен салыштыр.*

## ӨЗБЕКСТАНДЫН МЕКТЕПТЕРИ




Өлкөбүздө 9700 заманбап жалпы билим берүүчү мектеп бар. Аларда 4 миллион 521 минден ашуун бала билим алат. Алгачкы жолу мектептин босогосун аттаган 1-класс окуучулары ар жылы мамлекеттин эсебинен «Алиппе» китеби жана башка окуу китеп-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тери, окуу куралдары менен акысыз камсыздалат. Мисалы, 2014-жылы 587 миңге жакын 1-класс окуучусу дээрлик 28 миллиард сумдук окуу китептери жана окуу куралдары менен камсыздалды. Мындан тышкары, мектеп окуучулары үчүн 34 миллион 500 миң нускадагы окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор журтубуздагы билим берилчү 7 тилде басылып, бардык жалпы билим берүүчү мектептерге жеткирилди. Ар жылы окуу жылы башталардан мурда өлкөбүздөгү мектептер ремонттолуп, сентябрь айында окуучуларга тапшырылат.

Президентибиз Ислам Каримовдун демилгеси менен 1997-жылы Кадрлар даярдоонун улуттук программасы, 2004-жылы болсо Мектепте билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жалпы улуттук программасы кабыл алынып, ишке ашырыла баштады. Учурда журтубузда 12 жылдык милдеттүү акысыз билим берүү системасы ишкердик көрсөтүүдө. Кийинки жылдарда жаңы-жаңы мектептер, академиялык лицей жана өнөр-кесип колледждери, жогорку окуу жайлары менен кошо түрдүү аймактарда, ошонун катарында, алыскы кыштак жана райондордо 315 заманбап музыка жана көркөм өнөр мектеби, 1500 дөн ашуун балдар спорту объекттери курулду.

Сен өлкөбүздө ар жылы 8-март – Эл аралык кыз-келиндер майрамынын алдында Зулфия атындагы мамлекеттик сыйлыкты салтанаттуу тапшыруу аземин албетте көрүп барсаң керек. Мына ошол жогорку сыйлыкка татыктуу болгон кыздар бул аземде өздөрүнүн окууда, коомдук иштерде, көркөм чыгармачылыкта, көркөм өнөр жана спортто жетишкен ийгиликтери жөнүндө сүйлөгөндө кооз «Түркстан» сарайы кол чабуулардан титиреп кеткендей болот.



*Сен кандай ойлойсуң, жогоруда баяндалган ооган кызынын өлкөсүндө да ушундай мүмкүнчүлүктөр болгондо, бул кыз да ошончо умтулушу, тырышчаактыгы менен окууда, иште, илим жана маданиятта чоң натыйжаларга жетиши мүмкүн беле?*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Демек, биз эгемендүү турмуштун кадырын чын жүрөктөн түшүнүп, аны көз карегиндей асыроого дайыма даяр болуп жашоого тийишпиз.

> **!** **Томарис, Ширак, Нажмиддин Кубра, Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур сыяктуу эр жүрөк ата-бабаларыбызга дем берген сезим эң мурда ата журт алдындагы ыйык перзенттик милдети, ага берилгендик, Мекендин азаттыгын эң улуу дөөлөт деп билүү сезими эле.**

Бүгүнкү күндө элибиздин азат жана эркин турмуш куруу, дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн катарынан татыктуу орун алуу жолундагы умтулуулары жана аракеттеринин түгөнгүс булагы да мына ошондой улуу сезимдер саналат.

Кымбаттуу окуучу, дүйнөдө көптөгөн ката жана кемчиликтер, ал тургай күнөөлөр кечирилиши мүмкүндүгүн, бирок ата-энеге, дост-жарандарга, Мекенге чыккынчылык кылуу эч качан кечирилбестигин унутпа.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Мен ар кандай мыкаачылыкты чыккынчылыктан деп билем. Изгилик менен чындыкка умтулбаган, аларга ишенбеген адам эң эле коркунучтуу»[1].**

Мекен сезимин жүрөктөн туюу, ошол сезим менен жашоо адамдын турмушуна маани-мазмун берет, аны жеткилендикти көздөй баштайт. Мындай адам турмуштун татаал жолунда адашпайт, элинин айкөл перзенти болуп эресеге жетет. Маанилүү жери, мындай адамдан анын өзү да, эл-журту да пайда табат, ыраазы болот.

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Эгемендүүлүк күнү сенин шаарың же айылында кандай белгиленет?
2. Эгемендүүлүк жөнүндө ыр билесиңби?
3. Ооган кызы эмне үчүн ниетине жете албады?
4. Журтубуздун жаштары, алсак, кыздарыбыздын окууда, илим, маданият, спорт жаааттарындагы ийгиликтери жөнүндө эмнелерди билесиң?
5. Өзүң эмнеге кызыгасың?
6. Сүрөттөргө карап, өлкөбүздө жаштар үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр жөнүндө сүйлөп бер.


1


2


3


4

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 122-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Өзбекстан – жалпы Мекен» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 90-бет.

2. Ислам Каримов. «O'zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida». Ташкент, «O'zbekiston» басма үйү, 2011-жыл, 3–31-беттер.

3. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы улуттук китепкананын басма үйү, 2010-жыл, 6–12-беттер.

4. Milliy istiqlol g'oyasi: asosiy tushuncha va tamoyillar. Ташкент, «O'zbekiston» басма үйү, 2000-жыл.

5. Абдулла Авланий. Turkiy Guliston yoxud axloq. Ташкент, «O'qituvchi» басма үйү, 1992-жыл, 28-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮБҮЗ ТҮБӨЛҮКТҮҮ БОЛСУН!

Кымбаттуу окуучу, сен бул сөздөрдү көп уккансың. Өлкөбүздү, анын шаар жана айылдарын айлансак, көчөлөр, аянттарды кооздоп турган ураан жана жазуулардын арасында бул сөзгө да көзүбүз түшөт. Айныкса, Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримов Алишер Навоий атындагы Улуттук паркта Эгемендүүлүк майрамына арнап өткөрүлгөн салтанаттуу аземдеги куттуктоо сөзүн мына ушул сөз менен аяктап жатканда, бүткүл элибиз бул ыйык тилекке кошулуп, аны тилинде жана дилинде кайталагандай болот.

**Элибиз үчүн таза сезим жана тилектер менен жашоо эчен миң жылдык түгөнгүс баалуулукка айланып кеткен. Ошондуктан турмушубузду аларсыз элестете албайбыз.**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ата-бабаларыбыз дарак тиксе, үй тургузса: «Көп жылдар балдарыма, балдарымдын балдарына кызмат кылсын!» — деп жакшы тилек тилеген. Дээрлик ар күнү изги тилектерибизге кошуп айтылчу «Журтубуз тынч, элибиз аман болсун», «Жараткандын өзү сактасын» деген изги максаттар бизге жаңы дем берет, эртеңки күнгө чоң үмүт жана ишеним менен жашоого үндөйт. Эгемендүүлүк жылдарында мындай жакшы тилектердин катарына «Бизден азат жана абат Мекен калсын», «Перзенттерибиз бизге караганда күчтүү, билимдүү, акылдуу жана албетте бактылуу болууга тийиш», «Өзбек элине тынчтык жана амандык керек» деген сөздөр кошулуп, элибизде кеңири таралганы текке эмес. Алардын арасында «Эгемендүүлүгүбүз түбөлүктүү болсун!» деген сөз терең маани-маңызы менен өз алдынча орун тутат.

! **Дүйнөдө ушундай дөөлөттөр да бар болуп, алардын кадыр-баркы, мааниси кылымдар, ал тургай чексиздик менен өлчөнөт. Жылдар, замандар өтсө да алар адам, мамлекет, эл жана коом үчүн эң зарыл талап, эң жогорку дөөлөт болуп кала берет.**

Эгемендүүлүк мына ушундай улуу баалуулук саналат. Бул сөздү айтканда, биз тарыхыбызды, бүгүнкү күнүбүздү, келечек турмушубузду көз алдыбыздан өткөрөбүз. Ата-бабаларыбыз эгемендүүлүккө ээ болуп, өз журту, өз мамлекетине өзү ээлик кылган доорлордо дүйнөгө таанылып, чексиз ийгиликтерге жетишкен. Мекенибиз баскынчылар зулуму астында калган кездерде болсо элибиз канчадан-канча азап-тозокторго туш болгон, эгемендүүлүккө чыгууну самап жашаган. Бирок мындай улуу максатка жетишүү үчүн каалоонун өзү гана аздык кылат. Азаттыктын жолундагы эчендеген кыйынчылыктардан коркпостон, марттык, берилгендик менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күрөшүү талап кылынат. Эң оор маселе да мына ушунда – элди азаттыктын идеясы менен ойготуп, аны бул жолдо сөзсүз жеңишке жетишүүгө ишендирип, алга карай баштоодон турат. Мындай улуу милдетти чоң жол башчылык тажрыйбасына, терең аң-сезимге, бекем эркке ээ болгон адам гана аткара алат. Президентибиз Ислам Каримов СССР деп аталган, эгемендүүлүктөн мурда бийлик жүргүзгөн мурунку эзүүчү түзүмдүн зулуму астында калган ата журтубузду азаттыкка чыгаруу үчүн 1989-жылдын 23-июнунда мына ушундай тарыхый милдетти мойнуна алып, Өзбекстандын жетекчиси иретинде иш баштады. Президентибиздин ошол кезде өткөргөн биринчи жыйналышта айткан алгачкы сөздөрү **«Биз мындан ары эскиче жашай албайбыз жана мындай жашоого замананын өзү жол койбойт»**[1] деген сөздөр болду. Бул сөздөрдүн астында өмүрүн жашап болгон эски түзүмдөн кечип, албетте, эгемендүүлүккө чыгабыз, жаңы турмуш, жаңы коом курабыз, деген улуу максат жаткан болчу. Бул курулай сөз эмес, ири өзгөрүштөрдүн, изги иштердин башталышы экендигин кийинки окуялар таамай көрсөттү. Сен мамлекетибиз жетекчисинин «O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» китебин окуп чыксаң, буга толук ишеним пайда кыласың.

Мына ушул тарыхый билдирүүдөн башталган өзгөрүштөр 1991-жылдын 31-августунда эгемендүүлүккө чыкканыбыздан кийин дагы да кеңири түс алды. Бүгүнкү күндө болсо бул жолдогу иш-аракеттер таптакыр жаңы шартта улантылууда. Мындай реформа жана жаңылануулардын бардыгы бүгүнкү жана эртеңки күнүбүзгө гана эмес, ошондой эле түбөлүккө да тиешелүү.

## ЭЛИБИЗДИН ИШЕНИЧИ ЖАНА ТАЯНЫЧЫ

Журтубузда 31 миллиондон ашуун калк жашайт. Мунун тең жарымын жаштар түзөт. Өлкөбүздө түрдүү кен байлыктары, дүйнө базарында талап чоң болгон сапаттуу продук-

[1] **Ислам Каримов**. O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. –Т.: «O‘zbekiston», 2011-жыл, 32-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

цияларды өндүргөн ири өнөр жай ишканалары көп. Жерибиз түшүмдүү, табиятыбыз ыңгайлуу. Таякты жерге сайсаң, тамыр атып, бүчүр жаят. Бирок мына ушул байлыктардын бардыгын журтубуздун өнүгүшү үчүн иштетүүчү күч — мээнеткеч, март жана айкөл элибиз, ошол элдин ишеничи жана таянычы болуп эресеге жетип келе жаткан жаштарыбыз. Ошондуктан өлкөбүздө ар бир баланын ден соолугу, анын дүйнөдө эч кимден кем болбостон өсүп-улгайышы, заманбап билим, өнөр-кесиптерди, чет тилдерин бышык ээлеши, турмушта өзүнүн ордун табышы үчүн кандай шарт керек болсо, бардыгы түзүлүп жатат.

Бир кездерде Амир Темур бабабыз: «Ким биздин кудуретибизден шектенсе, курган имараттарыбызды көрсүн», — деп чоң ишеним, сыймык менен өз ишинин түбөлүктүү экендигин баса белгилеген. Жаангер бабабыздын небереси, залкар окумуштуу жана мамлекеттик ишмер Мырза Улугбек болсо илим жаатындагы ачылыштары эч качан жоголбостугун назарда тутуп: «Өзүмдүн



**Самарканд. Шахизинда комплекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ишимди татыктуу урпактарыма калтырдым», – деп айткан. Ойчул акыныбыз Алишер Навоий, мына ушул айтылган чындыкты толуктап, Мырза Улугбек жөнүндө Жер жүзүндө жашоо улантылып турса, дүйнөнүн окумуштуулары Улугбектин ачылыштары негизинде жаңы-жаңы жыйынтыктар, корутундулар чыгарып, бул ачылыштарды улантышат, деп айтканы текке эмес, албетте.

Чындап эле, бул сөздөр 2014-жылдын 14–15-май күндөрү Самарканд шаарында өзүнүн далилин тапты. Дүйнөнүн 40 тан ашуун мамлекеттеринен келген белгилүү окумуштуулар бул шаарда «Орто кылымдардын Чыгыш окумуштуулары жана ойчулдарынын тарыхый мурасы, анын заманбап цивилизациянын өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси» темасындагы эл аралык конференцияга чогулушту. Алар башка залкар окумуштууларыбыз катары Мырза Улугбектин мурасы жөнүндө да жакшы пикирлерди билдиришти.

Президентибиз журтубуз жаштарынын түрдүү тармактарда жетишип жаткан ийгиликтерин бүткүл элибиздин, Өзбекстаныбыздын жеңиши деп билет. Демек, Мекенибиздин эгемендүүлүгүн асырап абайлоо жана бекемдөө, Өзбекстаныбыздын даңкын дүйнөгө таанытуу милдети келечекте сендей жаштардан көз каранды.

Кыскача кылып айтканда, «Эгемендүүлүгүбүз түбөлүктүү болсун!» деген сөздөрдүн негизинде терең маани жатат.

Чындыгында да, биз түбөлүктүү иштери менен дүйнөгө таанылган элбиз. Байыркы шаарларыбыздагы тарыхый эстеликтерибиз, ата-бабаларыбыздын баа жеткис мурастары, көз карандысыздык доорунда курулган көптөгөн имараттарыбыз, бүгүнкү күндө элибиз, ошонун катарында, жаштарыбыз жетишип жаткан албан ийгиликтер мына ушундан күбөлүк берет.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Сен эгемендүүлүк майрамына арналган салтанаттуу аземди телевизор аркылуу көргөнсүңбү?
2. Бул азем сенде кандай элес калтырды?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Сен бир ишти баштоодон мурда кандай ниет кыласың?
4. Залкар окумуштууларыбыздын аттары эмне үчүн миң жылдардан бери түбөлүк жашап келүүдө?
5. Сүрөттөргө карап, элибиздин түбөлүктүү иштери жөнүндө сүйлөп бер.


1

2

3

4

**«Мекендин баа жеткис дөөлөттөрү» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар**

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 7–8-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы улуттук китепкананын басма үйү, 2010-жыл, 6–12-беттер.

3. Milliy istiqlol g'oyasi: asosiy tushuncha va tamoyillar. Ташкент, «O'zbekiston» басма үйү, 2000-жыл, 51–52-беттер.

4. Абдулла Авланий. Turkiy Guliston yoxud axloq. Ташкент, «O'qituvchi» басма үйү, 1992-жыл, 28-бет.

5. Vatan va millat muqaddasdir. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2000-жыл, 8–18-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКЕНИБИЗДИН БОРБОРУ

Кымбаттуу окуучу, Мекенибиз, анын кооз жана абат көрүнүшү, аброю жөнүндө сөз болгондо, эң мурда башкалаабыз Ташкент шаары көз алдыбызга келет. Анткени, Президентибиз Ислам Каримов айткандай, биз Ташкенттин бейнесинде Өзбекстанды, Өзбекстандын бейнесинде болсо Ташкентти сүйөбүз, кадырлайбыз.

**Ташкент – өлкөбүздүн гана эмес, ошондой эле Орто Азия чөлкөмүнүн эң ири административдик, экономикалык жана маданий борбору. Ал Мекенибиздин түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань тоо кыркаларынын батыш этегинде, Чырчык өрөөнүндө жайлашкан. Шаар 335 квадрат километрге жакын аянтты ээлеген болуп, анда дээрлик эки жарым миллион калк жашайт.**

Шаар 11 районго – Бектемир, Мырза Улугбек, Мирабад, Алмазар, Сергели, Үчтепа, Чиланзар, Шайхантахур, Юнусабад, Яккасарай, Яшнабад райондоруна бөлүнгөн.

**Илгери шаар Сач, Шаш, Бинкат деген аттар менен аталган. Шаардын аймагында Шаштепа, Миңөрүк, Чиланзар Актепаси, Юнусабад Актепаси сыяктуу көөнө шаар калдыктары сакталып калган.**

Ташкент 1930-жылдан бери Өзбекстандын борбору эсептелет.

Илгери Ташкент шаарынын 12 дарбазасы болгон. Булар – Лабзак, Тахтапул, Карасарай, Сагбан, Чыгатай, Көкчө, Самарканд, Камолон, Бешагач, Коймас, Кокон, Кашкар дарбазалары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЧЫГЫШТЫН ДАРБАЗАСЫ

Бүгүнкү күндө Ташкенттин өзү ири дарбаза эсептелет. Анткени дүйнөнүн Батыш өлкөлөрүнөн Чыгыш өлкөлөрүнө, Чыгыштан болсо Батышка барган самолёттор, автомобиль кербендери Ташкент аркылуу өтөт. Ошондуктан ал чыныгы маанide Чыгыштын дарбазасына айланып барууда.

Ташкенттин дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – анда ирригация тармактары – арык менен каналдардын көптүгү. Чырчык дарыясынын оң жээгиндеги магистрал канал – Бозсуу Ташкент шаарынын аймагында Анхор, Бөрүжар, Салар, Карасуу, Кайкавус сыяктуу тармактарга бөлүнүп, маала жана массивдерди аралап, чакан арыктар түрүндө таралып кетет. Шаарда жайында суу толуп акпаган көчө же гүзөр жокко эсе.

**«Ташкенттин жыпар жыттуу абасы, кооз табияты, кут-берекелүү бактары, таза жана айыктыруучу суулары жөнүндө кандай гана сөздөр айтылбаган. Алсак, XVI кылымда жашап өткөн тарыхчы окумуштуу Зайниддин Восифий Таш-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**кентти даңазалап, бул өлкөнү бир көргөн адам бейиштин бактарын кезгендей болот, деп жазганда так чындыкты айткан болчу»[1].**

Байыркы Ташкенттин көчө менен маалалари, гүзөрлөрү Темирчи, Мискерлик, Дегрезлик (казан жасоочулар), Окчу, Ээрчи, Такачы, Махсидөздүк, Көнчүлүк, Парчабоф деген аттар менен белгилүү болгон. Айныкса, жаачылар жасаган окжаалар «камони Шаший» деген ат менен төгөрөктүн төрт бурчуна таанылган.



**Көкалдаш медресеси**

Ташкент эзелтеден илим-билимдин шаары, улуу окумуштуулар, олуялардын журту болуп келген. Бул жерден Каффол Шаший, Шайх Хованди Тахур, Кожо Ахрар Валий, Хафиз Көйкий, Шайх Зайниддин баба, Ибрагим ата жана Койлук ата сыяктуу олуялар, «Шаший», «Ташкандий» псевдонимдери менен көптөгөн окумуштуулар, акын жана ойчулдар жетишип чыккан.

XX кылымдын баштарында жадид агартуучулар иретинде майданга чыккан тарыхый кыймыл да эң мурда Ташкенттен башталып, бүткүл журтубузга кеңири таралган эле. Бул кыймылдын Мунаввар кары, Абдулла Авлоний, Абдулла Кадырий сыяктуу белгилүү өкүлдөрү — мына ушул байыркы Шаштын перзенттери.

Көз карандысыздык доорунда Ташкент чыныгы мааниде борбор шаарга, дүйнөлүк көлөмдө таанылган мегаполиске, башкача айтканда ири шаарга айланды. Өлкөбүздө ишке ашырылып жаткан бардык ири тарыхый өзгөрүштөр Ташкенттен башталууда.

---

[1] **Ислам Каримов**. Tarixi boy, buguni go‘zal, kelajagi buyuk shahar. —T.: «O‘zbekiston», 2009-жыл, 5—6-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мекенибиз эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы, Өзбекстан Конституциясынын жана өлкөбүздүн өнүгүшүнө тиешелүү көптөгөн мыйзам жана токтомдордун мына ушул жерде кабыл алынышы Ташкентти жаңы тарыхыбыздын ажырагыс бөлүгү болгон, бардыгыбыз сыймыктанып жашай турган шаарга айландырды.

Борборубузда Өзбекстан Республикасы Президентинин канцеляриясы, Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруучу палатасы, Сенат, Министрлер Кабинети сыяктуу мамлекетибиздин жогорку бийлик органдары, министрликтер жана комитеттер, саясий партиялар, жарандык уюмдар, чет өлкөлөрдүн элчиликтери, абройлуу эл аралык уюмдардын өкүлдүктөрү ишкердик көрсөтөт.

Ташкент – жаштардын шаары. Бул жерде сага окшош уул-кыздардын билим алышы, заманбап өнөр-кесиптерди үйрөнүшү, спорт, көркөм чыгармачылык менен алектениши, маданий эс алышы үчүн бардык шарттар бар. Көптөгөн мектептер, лицей жана коллеждер, жогорку окуу жайлары, стадиондор, театр жана музейлер, сейил бактары, илим, маданият мекемелери, жаштар борборлору дал мына ушул максатка кызмат кылат.



**Өзбекстан мамлекеттик консерваториясы**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгемендүүлүк жылдарында Ташкенттин көрүнүшү таанығыс деңгээлде өзгөрүп кетти. Шаардын Мустакиллик аянты менен борбордук бөлүгүндө, Эски шаар аймагында кең көлөмдөгү курулуш-көрктөндүрүү иштери аткарылды.

Ташкенттин заманбап көрүнүшүндө ар кандай адамды өзүнө тарткан ажарлуу бактар, салкын сейил бактар, жапжашыл аянттар өз алдынча орун ээлейт. Соңку 10 жылдын ичинде борборубузда мурдагы темир-бетон жана асфальт менен капталган аянттардын ордуна 3 миң 30 гектардан ашуун көк майсаң жерлер курулду.

**2009-жылы Ташкент шаарынын 2200 жылдыгы белгиленди жана ал «Мустакиллик» ордени менен сыйланды.**

Ташкент учурда Өзбекстандын борбору деген жогорку наамга ар тараптан ылайыктуу, дүйнө калкынын урматына татыктуу, дүйнөдөгү эң ири шаарлар менен теңтайлашкан, барган сайын өсүп, өнүгүп жаткан улуу шаарга айланышы менен биз акылуу түрдө сыймыктанабыз.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Сенин шаарың же районунда кийинки учурларда кандай өзгөрүштөр болуп жатат?
2. Ата-энендин же жакындарыңдын Ташкент шаары жөнүндөгү пикирлерин уккансыңбы?
3. Өзүң Ташкент шаарында болгонсуңбу?
4. Ташкент илгери кандай аттар менен аталган?
5. Сүрөттөргө карап, Ташкент жаштар шаары экендиги жөнүндө сүйлөп бер.


1


2


3


4



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Ташкентке саякат» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Tarixi boy, buguni go'zal, kelajagi buyuk shahar. Ташкент, «O‘zbekiston», 2009-жыл, 34-бет.

2. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma’naviyat», 2013-жыл, 155-бет.

3. O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi, 6-том. Ташкент, «O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2003-жыл, 159–160-беттер.

4. Toshkent ensiklopediyasi. Ташкент, «O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2009-жыл, 373–377-беттер.

5. Sirojiddin Sayyid. Yashasin yomg'irlar. Ташкент, Гафур Гулам атындагы адабият жана көркөм өнөр басма үйү, 2007-жыл, 10–15-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ӨЗБЕКСТАН УЛУТТУК ПАРКЫ

Кымбаттуу окуучу, башкалаабыз Ташкент шаарынын борборунда элибиздин сыймыгы болгон, көпчүлүк барып көрүүнү, ал жерде сайрандоону эңсеген куттуу жер бар. Бул – Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук паркы. Ал өлкөбүздөгү эң ири маданият жана сейил багы эсептелет. Аны кыскача, Улуттук парк деп да атайбыз.

**Улуттук парк Ташкент шаарынын борбордук бөлүгүндө жайлашкан болуп, 69 гектар аянтты ээлейт.**

Парк 1991-жылы Президентибиз Ислам Каримовдун демилгеси менен курулган. Ошол эле жылы бул жердеги бийик дөңсөөгө Алишер Навоийнин 550 жылдыгы урматына акындын чоң айкели орнотулган эле.

Парктын ортосундагы жерде өзүнө мүнөздүү архитектуралык комплекс курулган. Комплекстин борборунда фонтандуу айлана бассейн жана амфитеатр формасындагы салтанаттуу аземдер өткөрүлчү аянт бар.

Амфитеатрдын батыш жагында Олий Мажлистин имараты жана Абулкасым медресеси, чыгыш жагында болсо «Нооруз» ресторану жайлашкан.

Алишер Навоий айкелинин алды жагындагы сейилбакты аралап канал агып өтөт. Ага чыгыр орнотулган. Бул сейилбакка 2007-жылы белгилүү жазуучубуз Абдулла Каххардын, 2010-жылы Муса Ташмухаммад уулу Айбектин, 2013-жылы болсо Өзбекстандын Баатыры Саид Акмат менен белгилүү акын Саида Зуннунованын айкелдери орнотулган.

Бул жердеги амфитеатрда ар жылы Нооруз жана Эгемендүүлүк майрамына арнап өткөрүлгөн салтанаттуу аземдерди эл-журту-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



буз, чет өлкөлүк коноктор чоң кызыгуу менен көрүшөт. Бул аземдерде Президентибиз Ислам Каримов катышып, элибизди мына ушул улуу майрамдар менен куттуктайт.

Ташкент шаарындагы Амир Темур сейил багы да кооз жерлерден бири саналат. Өзбекстан Улуттук паркы шаардын түштүк-батыш жагында жайлашкан болсо, Амир Темур сейил багы чыгыш жагынан орун алган.

Эгемендүүлүккө чыкканыбыздан кийин Президентибиздин демилгеси менен бул жерге Амир Темур сейил багы деп ат берилди. 1993-жылы болсо сейил бактын ортосуна Жаангер Амир Темур бабабыздын салабаттуу айкели орнотулду. Бул айкел долбоорунун автору да Журтбашыбыздын өзү. Бул жөнүндө «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде сен жана биз үчүн үлгүлүү сөздөр жазылган:

**«Скульпторлор көрсөткөн вариантта Жаангер колуна найза кармаган түрдө сүрөттөлгөн болчу. Мен буга каршы болуп, Жаангер бабабыз колунда найза эмес, аттын чыл-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**бырын кармап турганы макул, – деген пикир билдирдим. – Мунун өзүнчө мааниси бар. Анткени, падышалыкта найза көтөргөн адамдар көп болгон, бирок чылбыр Амир Темурдун колунда эле. Бул анын мамлекетти колунда бекем кармап турганын билдирет»[1].**



Азыркы күндө бизге жакшы тааныш болгон Амир Темурдун айкели ушундай түрдө жаратылган.

Сейил бактын түндүк жагында 1996-жылы Амир Темурдун төрөлгөнүнө 660 жыл болушу менен байланыштуу Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи курулду. Бул музейге кирсең, Амир Темур бабабыздын чебер кол башчы, күчтүү мамлекеттин башчысы болгонун көрсөткөн көптөгөн эстеликтерди көрөсүң.

2009-жылы Амир Темур сейил багы таптакыр кайрадан курулду. Бул жерге көздүн жоосун алган жапжашыл арчалар, карагай жана каштан дарактары тигилди. Сейил бактын чыгыш жагында ак түстөгү салабаттуу «Өзбекстан» форумдар үйү жана Ташкенттин мурунку курантына шайкеш түрдө жаңы курант курулду. Бул кооз эстеликтер Ташкент шаарынын 2200 жылдык тоюна татыктуу белек болду. Борборубуздун мына ушул тарыхый датасына арналган салтанаттуу азем да мына ушул «Өзбекстан» форумдар үйүндө болуп өттү.

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 152-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**«O‘zbekiston» эл аралык форумдар үйү**

Президентибиздин долбоору жана жетекчилиги негизинде курулган бул эстелик Амир Темур сейил багын гана эмес, ошондой эле бүткүл борборубуздун көркүн дагы да өзгөртүп жиберди.

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Сенин шаарың же районунда да сейил бак барбы?
2. Ал жерде кандай иш-чаралар өткөрүлөт?
3. Сен Улуттук паркта болгонсуңбу?
4. Амир Темур сейил багындачы?
5. Ушул сүрөттөрдүн арасынан «O‘zbekiston» эл аралык форумдар үйүн тап.


1


2


3


4



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Vatan va xalq mangu qoladi» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 7–11-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 6–24-беттер.

3. Milliy istiqlol g‘oyasi: asosiy tushuncha va tamoyillar. Ташкент, «O‘zbekiston» басма үйү, 2000-жыл, 55–56-беттер.

4. Vatan va millat muqaddasdir. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2000-жыл, 8–18-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЫЙЫК ЗЫЯРАТ ЖЕРЛЕРИ

Кымбаттуу окуучу, билим жана сапатта теңдеши жок адамдардын кадамы тийген же алар түбөлүк конуш тапкан, адамдар ыйык деп билген жерлерди куттуу зыярат жерлери дейбиз. Ар бир сөөм жери ыйык болгон журтубузда мындай жайлар көп. Борборубуз Ташкент шаарынын Алмазар районунда жайлашкан Азирети Имам комплекси ошолордун катарына кирет.

**Азирети Имам комплекси Президентибиз Ислам Каримовдун демилгеси менен 2007-жылы жаңыдан курулду.**

Эгерде сен Ташкенттин Эски шаар бөлүгүн карай жүрсөң, алыстан эле салабаттуу жана бийик кош мунарага көзүң түшөт. Алар мына ошол комплекстин курамындагы Азирети Имам жаме мечитинин мунаралары.



**Азирети Имам комплекси**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куруучулардын айтканына караганда, мечит мунараларынын бийиктиги 52 метр экен. Мечиттин оң жагындагы мунара харезмдик Ибрагим жана Эркин усталардын жетекчилигинде 26 күндө, анын сол жагындагы мунара болсо самарканддык Шариф устанын жетекчилигинде 28 күндө курулуп бүткөн.

Бул мечиттин түндүк-батыш жагында Мойи мубарак медресеси жайлашкан. Тарыхый китептерде жазылышынча, бул медресе алгачкы жолу XV кылымда курулуп, кийинчерээк бузулуп кеткен, 1856–1857-жылдарда кайра калыбына келтирилген. 2007-жылы медресе толук ремонттолуп, жаңы көрүнүшкө ээ болду. Азыркы күндө бул жерде ыйык Куран китебинин эң байыркы чыныгы нускасы сакталат.

Азирети Имам комплексинде дагы Тилла Шайх жаме мечити, Баракхан медресеси, Каффол Шаший күмбөзү, Намазгах мечити сыяктуу тарыхый эстеликтер болуп, алар да толук ремонттолгон.

Ташкент шаарындагы ыйык зыярат жайлары жөнүндө сүйлөгөндө, 1999-жылы курулган Эскерүү аянтын сөз кылуу орундуу болот. Эскерүү аянтындагы бири-бирине туштап курулган орнаменттелген устундуу айвандардагы барактарга Экинчи дүйнөлүк согушта курман болгон 450 миң мекендешибиздин аты-жөнү алтын тамгалар менен жазып коюлган. Бул жерден күн-түн дебей зыяратчылардын кадамы арыбайт. Ар бир зыяратчы эң мурда бул жердеги Азалуу эне айкелинин алдына барып, бул ыйык инсанга таазим кылат. Кийин айвандарды бойлой жүрүп, өзүнүн облусу үчүн ажыратылган барактардын алдында токтойт. Ошол каргашалуу согушта



**Азалуу эне айкели**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



курман болгон боордошторунун аты-жөнүн мына ушул барактардан таап, аларды эске алат. Дүйнөдө тынчтыктай ыйык дөөлөт жок экендигине дагы бир жолу ишеним пайда кылат.

Эскерүү аянтында өткөрүлө турган иш-чаралар жөнүндө сен 5-класстагы практикалык көнүгүүдөн жакшы билесиң.

Ар жылы 9-май — Эскерүү жана кадырлоо күнү өлкөбүздүн Президенти Ислам Каримов бул жерге атайын келип, Азалуу эне айкелине гүл коёт, фашизмге каршы согушта курман болгон мекендештерибиздин элесине урмат билдирет. Ошону менен бирге, бул жерге зыяратка келген согуш жана эмгек ардагерлери, жаштардын өкүлдөрү менен жолугушуп, чын жүрөктөн маектешет.

## САМАРКАНДДАГЫ ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЧИТ

Тарыхый булактарга караганда, Азирети Кызыр мечити байыркы Самарканд жергесинде курулган биринчи мечит экен. Көп жылдар бою кароосуз калып кеткендиктен кыйла ыдырап, төгүлүп калган бул көөнө эстелик мамлекетибиз жетекчисинин тапшырмасы менен толук кайра ремонттолуп, көркүнө чыгарылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Иш учурунда адистер мечиттин кээ бир эски устундарын алмаштырганды сунуш кылышты. Журтбашыбыз бул маселеге чоң кызыгуу менен карап, ошол устундарды атайын үйрөнүп чыкты. Андан кийин устундардын оюулары менен орнаменти улуттук кол өнөрчүлүктүн салттарына ылайык келбестигине, көбүрөөк Тунис же Марокко мамлекеттеринде калыптанган стилди эскертүүсүнө көңүл буруп, аларды жаңыдан жасоо жөнүндө тапшырма берет. Ошентип кокондук усталар мечиттин устундарын улуттук архитектура салттарыбыз стилинде иштеп, жаңыдан ордуна орнотушту. Бул болсо байыркы комплекске өз алдынча көрк жана салабат берди.



**Азирети Кызыр мечити**

Өлкөбүздө Термез шаарындагы Хаким Термезий, Бухара жергесиндеги Абдухалык Гыждуваний жана Бахауддин Накшбанд, Самарканддагы Имам Бухарий, Имам Матурудий, Маргыландагы Бурханиддин Маргынаний эстелик комплекстери сыяктуу көптөгөн ыйык зыярат жерлери бар. Алар журтубуздун түрдүү шаар жана айылдары, чет өлкөдөн келген адамдар үчүн куттуу зыярат жерлери эсептелет. Журтбашыбыз Ислам Каримов «Yuksak ma’naviyat — yengilmas kuch» аттуу китебинде бул ыйык жерлер жөнүндө өз алдынча токтолуп, төмөнкү пикирлерди баса белгилейт:



**Бурханиддин Маргынаний эстелиги**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Элибиздин турмушунда терең из калтырган, бүгүнкү күндө чыныгы мааниде ыйык зыярат жерлерине айланган мындай комплекстер руханий дүйнөбүздү байытууга ири салым болуп кошулат, десек, ар жактан туура болот»[1].**

Чындыгында да, бул зыярат жерлери жергебиздин, ата-бабаларыбыздын элеси канчалык ыйык экендигинен күбөлүк берип, бизди мекенибизди аздектеп жашоого, ата-бабаларыбыздын салттарына татыктуу болууга үндөйт.

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Кандай жерлерге куттуу зыярат жерлери дейбиз?
2. Сенин шаарың же облусунда да ушундай жайлар барбы?
3. Бул сүрөттөрдүн кайсы биринде Эскерүү аянты сүрөттөлгөн?










4. Бул сүрөттөрдүн кайсы биринде Азирети Кызыр мечити чагылдырылган?










[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 156-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Биз – улуу тарыхтын ээсибиз» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 97–101-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 84–90-беттер.

3. Ислам Каримов. Bizning ezgu maqsadimiz – taraqqiy topgan mamlakatlar qatoriga kirishdan iborat. Ташкент, «O'zbekiston», 2010-жыл, 3–12-беттер.

4. Vatan va millat muqaddasdir. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2000-жыл, 4–10-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМ

Кымбаттуу окуучу, тарых – келечектин күзгүсү, деген сөздү уккан болсоң керек. Мунун мааниси, тарых адамдын көзүн ачат, өтмүштөн сабак алып жашоого чакырат дегени.

**Тарыхый эстутум өзүнүн кимдигин, ата тегин, алыскы жана жакынкы тарыхын ар дайым эсте сактап жашоо сезимин, жөндөмдүүлүгүн туюнтат.**

**Тарыхый эстутуму бар адам күчтүү адам.**

**Тарыхый эстутумун жоготкон адам өздүгүн, элин, Мекенин, эркиндигин да жоготот жана манкуртка айланат.**

*Манкурт байыркы сөз болуп, ал тарыхый эстутумун жоготкон, ата тегин, өзүнүн ким экендигин эсинен чыгарган адамды билдирет.*

Мурдагы эзүүчү түзүмдүн тушунда элибиздин тарыхы бузуп көрсөтүлүп, бизди жалган-жалаа сөздөргө ишендирүүгө аракет кылышкан. Эр жүрөк жана илимге умтулган ата-бабаларыбыз ар кандай басым жана куугунтуктоолорго карабастан, элибиздин чыныгы тарыхын үйрөнүүгө аракеттенишкен. Мына ушундай умтулуунун натыйжасында ата-бабаларыбыздын жүрөгүндө көз карандысыздыкка жетишүү тилеги эң улуу тилек болуп келди.

Президентибиз Ислам Каримов тарыхтын мына ушундай катаал тажрыйбаларынан келип чыккан түрдө, бизге, бүгүнкү урпактарга ошолорду эскертет.

**«Дүйнөдөгү зордукчул кара күчтөр кандайдыр бир эл же мамлекетти өзүнө көз каранды кылып, баш ийдирмекчи, анын байлыктарына ээ чыкмакчы болсо, адегенде, аны куралсыздандырууга, башкача айтканда эң зор**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**байлыгы саналган улуттук баалуулуктарынан, тарыхы менен руханиятынан ажыратууга урунат»[1].**

Чындыгында да, эгерде айлана-чөйрөгө, учурдагы татаал дүйнөдө болуп жаткан окуяларга назар салчу болсок, мындай эскертүүлөрдүн текке айтылбаганын жүрөктөн туябыз. Башкача айтканда, бир кездерде колонизаторлор элибизди тарыхый эстутумунан ажыратууга урунганы сыяктуу, бүгүнкү күндө терроризм, экстремизм, диний фанатизм, ахлаксыздык, бангилик, «массалык маданият» деген беткаптын астында кирип келе жаткан илдеттер мына ошондой жаман максаттарды көздөп жатат.

Тарыхый эстутумун жоготкон эл кудум тамыры кыркылган дарак өңдүү кургап калат. Ал дүйнөдөгү күрөш жана талаш-тартыштарга туруштук бере албайт.

**Тарыхый эстутум минут сайын адам баласына анын ким экендигин, кандай улуу элге таандык экендигин, кимдердин урпагы экендигин эскертип турат. Адам баласын, элди өзүнүн атак-даңкын, ар-намысын сактап жашоого үндөйт.**

Тарыхый эстутум сезими дүйнөдөгү бардык элдерге мүнөздүү. Алар мына ошол сезимдин натыйжасында ата-бабаларынын рухун, алардын салт жана баалуулуктарын сезип-туюп жашайт. Алыскы Япониядан келип, Сурхандарыядагы көөнө Далварзиндөбө менен Карадөбөдө археологиялык изилдөө жумуштарын аткарып жаткан Кюдзо Катонун мисалында бул пикирдин далилин көрүүгө болот. Жашы 80 ден ашкан бул окумуштууну өз үйүн, жакындарын таштап өлкөбүзгө келүүгө, көп жылдар бою ылай, топурак кечип, куйкалаган ысык, ызгаардуу кыш дебестен байыркы дөңсөөлөрдүн боорун кадам сайын ачып, илимий изилдөөлөр алып барууга үндөгөн нерсе эмне? Тарыхый эстутум сезими.

Байыркы Кушандар мамлекети тушунда Сурхан жергесинде будда дини аябай гүлдөп-жайнаган. Буддавийлик болсо Япония-

---

[1] **Ислам** каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 11-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Афрасияб дөңсөөсүнөн табылган байыркы дубалдагы сүрөт**

да ата-бабалардын байыркы окуусу иретинде баркталат. Като агай мына ошол окууга тиешелүү байыркы эстеликтерди таап, ата-бабаларынын тарыхый эстутумунда үзүлүп калган байланыштарды калыбына келтирмекчи. Мына өз элине берилгендиктин чыныгы үлгүсү. Бул илимдин күйөрманы элибиздин бай тарыхы, байыркы эстеликтери, ошондой эле маданий мурасын терең үйрөнүү жана чет өлкөлөрдө жайылтуудагы чоң кызматтары, Өзбекстан менен Япониянын ортосундагы илимий байланыштарды өнүктүрүүгө кошкон натыйжалуу салымы үчүн мамлекетибиз Президентинин указы боюнча «Dostlik» ордени менен сыйланган.

Дагы бир мисал. Жергебизден түрдүү себептер менен тышка алып кетилген улуттук маданиятыбыздын үлгүлөрү көп. Эгемендүүлүктүн баштапкы күндөрүнөн эле Журтбашыбыз тарабынан аларды мамлекетибизге кайтарып алып келүү маселеси негизги милдет кылып коюлду. Ошол максатта Олий Мажлистин алдында атайын комиссия түзүлдү. Бул комиссиянын мүчөлөрү дүйнөнүн эң ири маданий борборлору — Лондон, Париж, Берлин, Москва, Санкт-Петербург, Нью-Йорк, Дели, Тегеран, Каир жана башка бир топ шаарларда улуттук мурасыбыздын он миңдеген чанда гана кездешүүчү үлгүлөрү сакталып жатканын аныкташты жана алардын чоң бөлүгү өлкөбүзгө кайра алып келинди. Учурда алар элибиздин тарыхый эстутумун бекемдөөгө, өздүгүбүздү терең түшүнүп жетүүгө кызмат кылып жатат.

Эгемендүүлүккө жетишкенибизден кийин биз тарыхыбызды адилеттүүлүк менен калыс үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук. Эми биз ата-бабаларыбыздын ким болгонун, алардын дүйнөлүк өнүгүүгө кандай салым кошконун таасын элестете алабыз. Бул биздин тарыхый эстутумга ээ, эркин жана азат эл болуп жатканыбыздын далили эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Бухара. Минараи калон**

**Улуу тарыхты билүү, куду деңиздин түбүнөн кымбат баалуу бермет таштарын терген сыяктуу анын түбүнөн накта чындыкты издеп табууда бизден чоң күч-кайрат жана эрдикти талап кылат.**

Канчалык кыйын болбосун, бул ишке эр жүрөктөрчө бел байлоого, тарыхый эстутумубузду байытып, өркүндөтүп барууга тийишпиз. Анткени тарыхый эстутуму күчтүү эл келечек жолунда адашпайт, эч кимге көз каранды болбойт.

**«Өзүнүн тарыхын билбеген, кечээки күнүн унуткан улуттун келечеги жок»[1].**

Тарыхый эстутум аркылуу ата-бабалар менен кайыптан жолугушуп, маек куруп, дүйнөнүн эчендеген сырларынан кабар таап, улуу элдин, ыйык Мекендин перзенти экендигибиз менен сыймыктанып, башыбызды бийик көтөрүп жашоого эмне жетсин!

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 4-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ? *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. «Тарых – келечектин күзгүсү» деген сөздү түшүндүрүп бер.
2. Эмне үчүн тарыхы улуу болгон элдин келечеги да улуу болот, дейбиз?
3. Элибиз тарыхынын улуу жана байыркы экендиги эмнелерде көрүнөт?
4. Тарыхый эстутум дегенде эмнени түшүнөсүң?
5. Эгемендүүлүк тарыхты үйрөнүү боюнча кандай мүмкүнчүлүктөрдү берди?
6. Тарыхый эстутуму күчтүү элди жеңип болобу?
7. Төмөнкү сүрөттөрдүн арасында тарыхый эстутумубузду ойготконго кызмат кылчулары кайсылар?


1


2


3


4

### «Ата-бабалардын элесине урмат» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 41–48-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 84–86-беттер.

3. Muqaddas dinimizga yuksak e'tibor va ehtirom. Ташкент, Ташкент ислам университетинин басма үйү, 2010-жыл, 10–15-беттер.

4. Усманхан Алимов. Hazrati Imom (Hastimom). Ташкент, «Маверауннахр» басма үйү, 2008-жыл, 28–32-беттер.

5. Ыкбал Мырза. Agar jannat ko'kda bo'lsa... Ташкент, «Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын башкы редакциясы, 2010-жыл, 12–18-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БАЙЫРКЫ РЕГИСТАН

Кымбаттуу окуучу, өлкөбүздө ар бири бүткүл бир тарых жана маданияттын символу болгон байыркы шаарлар көп. Бул шаарлардагы кайталангыс тарыхый эстеликтер — биздин баа жеткис байлыгыбыз. Алардын арасында Регистан аянты өзгөчө орун ээлейт.

*«Регистан» сөзү фарс тилинен алынган болуп, майда таш төшөлгөн жер деген маанини билдирет.*

**Регистан илгери адамдар чогулчу, өкүмдарлардын сарайына жакын жерде жайлашкан борбордук аянт саналган.**

Регистан аянты Бухара шаарында да бар. Илгери болсо Шахрисабз, Насаф, Ташкент шаарларында да ушундай аянттар болгон. Алардан эң белгилүүсү жана сакталып калганы Самарканд шаарындагы Регистан комплекси.

**Регистан шаардын ортосунда жайлашкандыгы жана көптөгөн тарыхый окуялар мына ушул аянт менен байланыштуу болгону үчүн ал Самарканддын жүрөгү деп да аталат.**

Регистан аянтында үч улуу эстелик бой көтөргөн. Алардан эң байыркысы Мырза Улугбек медресеси. Ал аянттын батыш жагында жайлашкан болуп, бийик порталы чыгыш жакка караган.

**Улугбек медресеси 1417—1420-жылдарда Мырза Улугбек тарабынан курулгандыктан залкар бабабыздын аты менен аталат.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Самарканд. Регистан аянты**

Мырза Улугбек Маверауннахрдын өкүмдары болгон доордо бул медресе өзүнө мүнөздүү академия иретинде даңк тараткан.



*«Маверауннахр» – арабча сөз болуп, дарыянын артындагы өлкө деген маанини, Сырдарыя менен Амударыянын ортосундагы аймакты билдирет.*

Мусулман дүйнөсүндөгү залкар окумуштуулар, акындар, дин окумуштуулары ушул медресеге келип сабак беришкен, илим жана чыгармачылык менен алектенген. Мырза Улугбек менен бирге Казызаада Румий, Жамшид Каший, Али Кушчу сыяктуу окумуштуулар бул жерде окуучуларга сабак берген. Кийинчерээк улуу ойчул акыныбыз Алишер Навоий да Самаркандга келип, ушул медреседе билим алган.

Мырза Улугбек медресеси курулгандан эки кылымдан ашуун убакыт өтүп, 1619—1636-жылдарда Самарканддын акими Ялаңтөш Бахадырхан баштап Шердар медресесин курдурат. Бул эстелик Регистан аянтынын чыгыш жагына курулган болуп, Мырза Улугбек медресесинин тушунда жайлашкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Медресенин порталына кийикти кууп бара жаткан шердин (арстан) сүрөтү түшүрүлгөндүктөн, ал Шердар медресеси деп аталган.**

Аянттын түндүк жагында Ялаңтөш Бахадырхан 1646–1660-жылдарда дагы бир чоң эстелик – Тиллакары медресе-мечитин курдурат.

**Бул имараттын ички жана тышкы орнаменттери алтындын буусу менен иштелгендиктен ал Тиллакары деп аталган.**

Регистан аянтына кадам бассаң, бул үч эстелик бири-бирине аябай шайкеш келгенин сезесиң, алардын кооздугуна таң каласың.

Эгемендүүлүк жылдарында бул аянтта жана анын айланасында чоң-чоң курулуш жана көрктөндүрүү иштери алып барылды. Мунун натыйжасында бул жер дагы да ажарына чыкты.

Регистан байыркы замандардан бери массалык сейилдер, илимий-агартуучулук иштери өткөрүлө турган чоң маданий борбор болуп келген. Азыркы күндө бул салттар улантылууда. Айныкса, 1997-жылдан бери Регистан аянтында өткөрүлүп келе жаткан «Sharq taronalari» эл аралык музыка фестивалы бүткүл дүйнөлүк музыка көркөм өнөрү өкүлдөрүнүн абройлуу фестивалына айланып барууда.



Самарканд шаарында Регистандан тышкары Шахизинда эстелик комплекси, Амир Темурдун күмбөзү, Имам Матурудий комплекси, Афрасияб дөңсөөсү сыяктуу көптөгөн тарыхый жерлер бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АДАМ ӨМҮРҮНДӨ СӨЗСҮЗ БАРЫП КӨРҮШҮ ЗАРЫЛ БОЛГОН ШААР



**«Sharq taronalari» эл аралык музыка фестивали**

Кымбаттуу окуучу, сен байыркы Самарканд жөнүндөгү «Жер жүзүнүн бермети», «Римдин курдашы», «ыйык шаар» деген мүнөздөмөлөрдү уккан болсоң керек. Эгемендүүлүк доорунда аларга дагы жаңы сөздөр кошулууда. Мисалы, 2014-жылдын 7-июлунда Америка Кошмо Штаттарынын дүйнөгө белгилүү «Xaffington post» интернет басмасы Самаркандды адам өмүрүндө жок дегенде бир жолу барып көрүшү сөзсүз зарыл болгон дүйнөдөгү 50 шаардын бири иретинде кабыл алды жана мына ушундай шаарлардын тизмесине киргизди.

Демек, бүгүнкү күндө Самарканд жөнүндө сөз болгондо, аны дүйнөдөгү адам өмүрүндө сөзсүз барып көрүшү зарыл болгон шаарлардан бири, деп сыймык менен мүнөздөшүбүз да орундуу болот.

Жыйынтыктап айтканда, журтубуздагы Регистан сыяктуу чоң тарыхый эстеликтер улуттук өздүгүбүздү, элибиз дүйнөдө эч кимден кем болбогонун жана кем болбостугун түшүнүп жашоого кызмат кылат.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Регистан аянты эмне үчүн Самарканддын жүрөгү деп аталат?
2. Бул жерде канча чоң эстеликтер бой көтөргөн?
3. Мырза Улугбек медресеси эмне үчүн мындай аталат?
4. Мырза Улугбек медресесинин тушунда кандай эстелик жайлашкан?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Тиллакары медресе-мечити эмне үчүн мындай аталат?
6. Шердар жана Тиллакары эстеликтери ким тарабынан курулган?
7. Самарканд шаарына сүрөттөрдө көрсөтүлгөн кайсы транспорт каражжатары менен барууга болот?




### «Самарканд — Жер жүзүнүн бермети» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 152—154-беттер.

2. Ислам Каримов. Чыгармалар, 15-том. Ташкент, «O'zbekiston», 2007-жыл, 303—314-беттер.

3. O'zbekiston milliy ensiklopediyasi, 7-том. Ташкент, «O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2004-жыл, 457—460-беттер.

4. Samarqand — 2750. Ташкент, «Sharq» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2007-жыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАЙТАЛОО

## «ЭҢ ЫЙЫК, ЭҢ КУТТУУ МАЙРАМ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Өлкөбүздөгү кайсы майрамды эң ыйык, эң куттуу майрам иретинде белгилейбиз?
2. Өлкөбүздө кең белгилене турган дагы кандай майрамдарды билесиң?
3. Ooган кызы эмне үчүн тилегине жете албады?
4. Өзбекстанда кыз балдар кандай билим алышууда?
5. Өлкөбүздө канча музыка жана көркөм өнөр мектеби бар?
6. «Өзбекстан мектептери» текстинин мазмуну жөнүндө сүйлө.
7. Сүрөттөргө карап, эгемендүүлүк берген мүмкүнчүлүктөр жөнүндө сүйлөп бер.


1


2


3


4

### ТЕСТТЕР

**1. Кайсы майрамды эң ыйык, эң куттуу майрам иретинде белгилейбиз?**

A) Нooруз майрамы
B) Эгемендүүлүк күнү
C) Конституция күнү
D) Мугалим жана устаттар күнү

**2. Кайсы майрамдар журтубузда кеңири белгиленет?**

A) БУУ түзүлгөн күн
B) ЮНЕСКО түзүлгөн күн
C) Коон сейили
D) Эгемендүүлүк күнү, Конституция күнү, Мекен коргоочулары күнү, Эл аралык кыз-келиндер күнү, Нооруз, Эскерүү жана кадырлоо күнү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Өлкөбүздө канча жылдык жалпы милдеттүү билим берүү системасы киргизилген?**

A) 9 жылдык
B) 3 жылдык
C) 5 жылдык
D) 12 жылдык

**4. Дүйнөдө кайсы күнөө кечирилбейт?**

A) Жалкоолук
B) Кайдыгерлик
C) Коркоктук
D) Чыккынчылык

## «ЭГЕМЕНДҮҮЛҮГҮБҮЗ ТҮБӨЛҮКТҮҮ БОЛСУН!» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Сүрөттөрдүн негизинде биз үчүн түбөлүктүү болуп сезиле турган ирмемдер жөнүндө сүйлөп бер.




2. Биз эмне үчүн жакшы нерселердин түбөлүктүү болушун каалайбыз?
3. Ата-бабаларыбыз кандай шартта чексиз ийгиликтерге жетишкен?
4. «Биз мындан ары эскиче жашай албайбыз жана мындай жашоого замандын өзү жол койбойт» деген сөздөрдү ким жана качан айткан?
5. «O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» китебинин авторун айт.
6. Амир Темур бабабыз кайсы сөздөрү менен өз ишинин түбөлүктүү экендигин баса белгилеген?
7. Мырза Улугбек бабабызчы?
8. Классик ойчул акыныбыз Алишер Навоийнин «Qiyomatg‘a deguncha ahli ayyom, Yozarlar aning ahkomidin ahkom» деген саптарынын маанисин түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТЕСТТЕР

**1. Президентибиз Ислам Каримовдын эгемендүүлүккө жетишүүнүн алдында айткан сөздөрүн тап.**

A) «Байлык келсе эмгектен, турмушта болот береке»
B) «Өзбекстан – келечеги кенен мамлекет»
C) «Жогорку руханият – жеңилгис күч»
D) «Биз мындан ары эскиче жашай албайбыз жана мындай жашоого замандын өзү жол койбойт»

**2. Амир Темур бабабыздын сөздөрү берилген катарды тап.**

A) «Март майданда сыналат»
B) «Өзбекстан – Аллаанын назары түшкөн өлкө»
C) «Алтын отто, адам эмгекте сыналат»
D) «Ким биздин кудуретибизден шектенсе, салган имараттарыбызды көрсүн»

**3. «Өз ишимди татыктуу урпактарыма калтырдым» деген сөздөрдү ким айткан?**

A) Амир Темур
B) Алишер Навоий
C) Абдулла Кадырий
D) Мырза Улугбек

**4. Алишер Навоийнин «Qiyomatg'a deguncha ahli ayyom, Yozarlar aning ahkomidin ahkom» деген саптары кимге арналган?**

A) Фархадга
B) Амир Темурга
C) Хусайин Байкарага
D) Мырза Улугбекке

### «МЕКЕНИБИЗДИН БОРБОРУ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Ташкент шаарында канча район бар?
2. Илгери Ташкент кандай аттар менен аталган?
3. Ташкент шаарынын канча дарбазасы болгон?
4. Ташкентте жашап өткөн улуу окумуштуу, олуялардан кимдерди билесиң?
5. Эгемендүүлүк жылдарында Ташкент кандай шаарга айланды?
6. Борборубузда кандай жогорку бийлик органдары, борбордук органдар ишкердик көрсөтөт?
7. Ташкентти эмне үчүн жаштар шаары дейбиз?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

8. Сүрөттөргө карап, айтчы, бүгүнкү күндө кайсы жерди «Ташкенттин аба дарбазасы» дейбиз?


1



2


3


4

## ТЕСТТЕР

**1. Ташкент шаарында канча район бар?**

A) 10
B) 11
C) 5
D) 4

**2. Илгери Ташкент кандай аттар менен аталган?**

A) Сач, Шаш, Бинкат
B) Чиланзар, Мирабад, Янгиабад
C) Чырчык, Сырдарыя
D) Ташкент, Чиназ, Пискент

**3. Мекенибиздин турмушуна тиешелүү кайсы эң маанилүү окуя Ташкент шаарында болгон?**

A) Өзбекстандын эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы
B) Футбол боюнча дүйнө чемпионаты
C) Амир Темур туулганынын 700 жылдык тоюна арналган аземдер
D) БУУнун миң жылдык саммити

**4. Илгери Ташкенттин канча дарбазасы болгон?**

A) 12
B) 15
C) 10
D) 8

## «ЫЙЫК ЗЫЯРАТ ЖЕРЛЕРИ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Азирети Имам комплексиндеги кайсы эстеликтин кош мунарасы бар?
2. Ал комплекс каерде жайлашкан?
3. Ыйык Осмон Кураны каерде сакталат?
4. Азирети Имам комплексинде дагы кандай тарыхый эстеликтер бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Төмөнкү сүрөттөрдүн арасында Азирети Имам комплекси чагылдырылганбы?




6. Эскерүү аянтында кандай айкел бар?
7. Эскерүү аянтында Экинчи дүйнөлүк согушта курман болгон канча мекендешибиздин аты-жөнү жазылган?
8. Төмөнкү сүрөттөрдүн ичинен Азалуу эне айкелин тап.




9. Самарканддагы эң байыркы мечиттин атын айт.

## ТЕСТТЕР

**1. Азирети Имам комплекси жайлашкан шаарды тап.**

A) Самарканд
B) Каршы
C) Ташкент
D) Андижан

**2. Кайсы эстелик кош мунаралуу эстелик эсептелет?**

A) Көкалдаш
B) Азирети Имам жаме мечити
C) Амир Темур күмбөзү
D) Имам Матурудий эстелик комплекси

**3. Осмон Кураны кайсы китепканада сакталат?**

A) Өзбекстан Улуттук китепканасы
B) Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи
C) Өзбекстан Улуттук университетинин китепканасы
D) Мойи мубарак медресесиндеги музей-китепкана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**4. Кайсы айкел Эскерүү аянтында жайлашкан?**

A) Азалуу эне
B) Бактылуу эне
C) Эл-журт таянычы
D) Мекенге ант

## «ӨЗБЕКСТАН УЛУТТУК ПАРКЫ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзбекстан Улуттук паркы кимдин аты менен аталат?
2. Улуттук паркта кайсы улуу акын жана жазуучулардын айкелдери бар?
3. Төмөнкү сүрөттөрдүн ичинен Өзбекстан Улуттук паркындагы айкелди тап.




4. Улуттук парктагы амфитеатрда кайсы жалпы элдик майрамдарыбыз болуп өтөт?
5. Амир Темур сейил багы каерде жайлашкан?
6. Бул сейил бакка кимдин айкели коюлган?
7. Сүрөттөрдүн ичинен Амир Темур сейил багындагы айкелди тап.




8. «Өзбекстан» эл аралык форумдар үйү качан курулган?

## ТЕСТТЕР

**1. Өзбекстан Улуттук паркынын жалпы аянты канча гектар?**

A) 50 гектар
B) 15 гектар
C) 69 гектар
D) 70 гектар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Улуттук паркка кайсы акын жана жазуучулардын айкелдери коюлган?**

A) Бабур Мырза, Абдулла Кадырий
B) Алишер Навоий, Абдулла Каххар, Айбек, Саид Ахмад жана Саида Зуннунова
C) Зулфия жана Хамид Алымжан
D) Чолпон, Гафур Гулам
E) Амир Темур жана Мырза Улугбек

**3. Кайсы улуу бабабыздын айкели Амир Темур сейил багына коюлган?**

A) Алишер Навоий
B) Айбек
C) Амир Темур
D) Мырза Улугбек

**4. Ташкент шаарынын канча жылдык юбилейи белгиленди?**

A) 2000 жылдыгы
B) 2500 жылдыгы
C) 2700 жылдыгы
D) 2200 жылдыгы

### «ТАРЫХЫЙ ЭСТУТУМ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Манкурт сөзү кандай маанини билдирет?
2. Кюдзо Като деген ким?
3. Төмөнкү сүрөттөрдө кайсы тарыхый эстеликтер чагылдырылган?


1

2

3

4

### ТЕСТТЕР

**1. Кандай сезим ата-бабаларыбызды чыныгы тарыхыбызды билүүгө үндөгөн?**

A) Мураскордук сезими
B) Өздүк сезими
C) Тарыхый эстутум сезими
D) Адилеттүүлүк сезими



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Манкурт сөзүнүн мааниси кайсы сапта туура көрсөтүлгөн?**

A) Тарыхый эстутумун жоготкон адам
B) Колсу-бутсуз адам
C) Көзү сокур адам
D) Жолун жоготкон адам

**3. Кюдзо Като деген ким?**

A) Өзбек окумуштуусу
B) Япон окумуштуусу
C) Кытай тарыхчысы
D) Япон жазуучусу

**4. «Өз тарыхын билбеген, кечеки күнүн унуткан улуттун келечеги жок» деген сөздөр Президент Ислам Каримовдун кайсы чыгармасынан алынган?**

A) «Olloh qalbimizda, yuragimizda»
B) «O‘zbekstan: XXI asr bo‘sag‘asida»
C) «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch»
D) «O‘zbekstan – kelajagi buyuk davlat»

**«РЕГИСТАН АЯНТЫ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР**

?

1. Регистан аянты каерде жайлашкан жана аны дагы кандай ат менен аташат?
2. Мырза Улугбек медресеси ким тарабынан курулган жана анда кимдер сабак берген?
3. Алишер Навоий каерде билим алган?
4. «Регистан» сөзүнүн маанисин айт.
5. Тарыхта дагы кайсы шаарларыбызда Регистан аянттары болгон?
6. Төмөнкү сүрөттөргө карап, Улугбек, Шердар жана Тиллакары медреселери аянттын кайсы жагында жайлашканын айтып, көрсөтүп бер.


1


2


3



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТЕСТТЕР

**1. Кайсы медресе Регистан аянтында жайлашкан?**

A) Көкалдаш
B) Бибиханым
C) Мырза Улугбек
D) Мир Араб

**2. Шер аты менен аталган медресе кайсы жоопто туура берилген?**

A) Мырза Улугбек
B) Абулкасым
C) Мойи Мубарак
D) Шердар

**3. Кайсы медресе баалуу металлдын аты менен байланышкан?**

A) Шердар
B) Көкалдаш
C) Мырза Улугбек
D) Тиллакары

**4. Регистан аянтында өтө турган эл аралык фестиваль кандай аталат?**

A) «Sharq-u g'arb»
B) «Jahon musiqasi»
C) «Sharq teatri»
D) «Sharq taronalari»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

* * *

*Кымбаттуу окуучу, төмөн жакта сага сунушталып жаткан чыгарма да Мекен жөнүндөгү билим жана түшүнүктөрүңдү бекемдейт, деген ойдобуз.*

***Азат Шарафиддинов***

## ӨЛСӨМ АЙРЫЛБАЙМЫН КУЧАКТАРЫҢДАН

Сыйкырдуу музыкадай жаңырган бул укмуш сөздөрдү алгачкы ирет балалыгымда – согуш башталган жылы уккан элем. Жаш көрүүчүлөр театрынын Эски Жувадагы алмустактан калган тар залы. Адам толо. Сахнада кыска бойлуу, токоч жүздүү, жагымдуу артист көздөрү жанып, добушун бир көтөрүп, бир төмөндөтүп, толкундануу менен ыр окуп жатат:

Мекен – эне сөзү канчалык таттуу,
Сенсиң ар нерседен ыйык, кымбаттуу,
Урматыңды сактайт ар бир улан-кыз,
Ыйыксың, улуусуң, менин Мекеним,
Өлсөм айрылбаймын кучактарыңдан...

Көп узубай, театр залында отурганым да, ырды сахнада артист окуп жаткандыгы да унутулду. Ырдын саптары, айныкса, ар бир куплеттин аягында кайталанып жаткан «Өлсөм айрылбаймын кучактарыңдан», деген сөздөр кудум жүрөгүмдө туулуп, ичимен оргуштап чыгып жаткандай. Үч жөнөкөй сөздөн турган бул жалындуу чакырык ыр эмес, өмүр бою баш ийип жашай турган салтанаттуу убада сыяктуу жаңырып турду.

Кийин чындап эле ушундай болду – Уйгундун калеминен жаралган бул бир куплет ыр өмүр бою мага жолдош болуп келүүдө. Кадамым жетип барган түрдүү жерлерде, түрдүү шарттарда бул ыр менден сурап да отурбай, кокусунан жүрөгүмдө жаңыра түшөт. Ошондо жергебиздин берешен күнүнөн канааттанган жапжашыл талаалардай, жүрөгүм жашара түшөт. Тамырларымда жаңы күч чуркап жаткандай өзүмдү тетик сезе баштаймын.

Мекен. Мекен сезими. Мекен сүйүүсү. Булар эмнелер? Бул кандай сыйкырдуу күч болду, али эресеге жете элек, дүйнө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



көрбөгөн, турмуштун ойдуң-чуңкурларынан бейкабар, оюн-зооктон башка иши жок бир өспүрүмдүн жүрөгүнө орношуп, өмүр бою анын жүрүм-турумун башкарып турган? Бул сезим адам баласында тубаса болду бекен? Же наристе тамшанып-тамшанып энесин эмгенде, эне сүтү менен бирге бул сезим анын да тамырларында жүгүрөт болду бекен? Жалпысынан алганда, «Мекен» дегениң өзү эмне? Туулуп-өскөн үйүңбү? Бешикте кулагыңа кирген муңдуу жана ошону менен бирге нурлуу алдейби? Чоң энендин жомокторубу? Мектеппи? Алгачкы жолугушууларга күбө болгон салкын сейил бактарбы?

Албетте, булардын бардыгы жана дагы эчендеген нерселер биригип, Мекен деген сезимдин өчпөс символун түзсө керек. Дагы менин оюмча, баланын ымыркай жүрөгүндөгү алгачкы ирет пайда болгон Мекендин символу канчалык анык болгондо да, өзүнүн толук формасына кирип үлгүрбөгөн болот. Мекен сезими адам баласынын өзү менен бирге өсүп-улгая турган сезим болот экен. Тажрыйбаң ашкан сайын турмуштун казанында кайнап, быша баштаганың сайын Мекенди көбүрөөк кадырлай турган болуп каласың, ал жөнүндөгү ойлоруң толуп, кеңип, байып отурат. Мекен сезими тулку боюңду курчап алат, ар бир клеткаңда тамыр атат. Сен эми сезе баштайсың, Мекен жаштык жалын чагың менен байланыштуу салкын сейил бак гана эмес. Инсан да жаш өсүмдүк көчөтүндөй сөз – аны өндүрүп-өстүрө турган Жер Эне бар, күн, суу, аба аны өздөрүнүн энчилери менен камсыз кылат. Ошондуктан булардын бардыгы адам баласы үчүн кымбаттуу жана ардактуу. Бирок булар азырынча түгөл Мекен эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Адам баласынын жаратылышы да өзгөчө, ал башкалардан ажыраган түрдө, жападан-жалгыз, соройоп жашай албайт. Туура, адамдардын арасында дүйнөнүн кызыкчылыктарынан кечкендери, жалгыздыкты эңсөөчүлөрү, эч кимди жини сүйбөй тургандары да бар. Бирок алар канчалык жалгыз болбосун, эл-журттан жүзүн буруп, үңкүрлөрдөн конуш таппасын, барибир, миндеген көрүнбөс жиптер аркылуу дүйнө менен байланышып турат. Өмүрүнүн жарымын кумурада жашап өткөргөн байыркы грек философу Диоген да, барибир, шакирттери менен, башка философтор менен байланыш жасап турган. Ата-энелер, перзенттер, тууган-уруктар, жоро-жолдоштор, теңтуш-курбулар ар кандай инсандын турмушуна түркүн-түмөн мазмун берип турат. Киши аларды жакшы көрүшү, алар менен ынтымактуу жашашы мүмкүн, аларды жактырбастыгы да мүмкүн. Бирок эмне болгондо да, алардын бардыгынан жүзүн буруп, таптакыр кечип кетүүгө болбойт...



**Өзбекстандын Баатырлары – Президент Ислам Каримов жана адабият таануучу окумуштуу Азат Шарафиддинов**

Мекенге болгон сүйүү, энеге болгон сүйүү сыяктуу ыйык жана улуу сезим. Энеге болгон сүйүүнүн ушундай бир өзгөчөлүгү бар: киши бул сезими жөнүндө ааламга жар салып, бардыгына бул жөнүндө кабарлай бербейт, энесинин өзүнө да күн сайын: «Апаке, мен сени жанымдан да артык жакшы көрөмүн», деп айта бербейт. Бирок ар күнү энесине күйүмдүүлүгүн, боорукерлигин жана кең пейилдигин жасаган иши менен, кыймыл-аракети менен көрсөтөт.

Мекенге болгон сүйүү да ушундай: бул жөнүндө бардыгына мактанып, сөз кылынбайт, салтанаттуу жарыялар ба-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сылбайт, ар кай жерде төшүнө уруп, Мекенди сүйгөндүгүн ашкерелебейт. Маданияты жогору деңгээлге көтөрүлгөн коомдордо адамдар өзүнүн Мекенине болгон сүйүүсүн кыйкырып-чакырбай, мактанбай эле билдиришет. Мекенге болгон сүйүү базарга коюлуучу буюм эмес, ал инсан жүрөгүнүн төрүндө чаң кондурбай таза сактала турган эң бир назик, эң бир кымбат сезим болуп саналат...

Мекенди сүйүү жана, айныкса, аны иш жүзүндө көрсөтүү оңой иш эмес. Ал адамдан өтө чоң эрдикти, сабырдуулук менен чыдамкайлыкты талап кылат. Дагы бир кызык жери, Мекен өз перзенттеринен ай сайын, жума сайын, саат сайын, минут сайын жан сабоону талап кылбайт. Мекен үчүн жанын аябоо эң бийик, эң жогорку сапат болуп, ал өзгөчө кырдаалдарда гана болуп өтөт...

Адам баласы ата-энени тандай албагандыгы сыяктуу, Мекенди да тандай албайт. Албетте, кудай адамга Мекенди муздуу жерден да, чөлдөрдөн да, жунглиден да бериши мүмкүн. Бирок сени менен бизге Жаратkандын өзү Өзбекстан деп аталган, топурагында алтын гүлдөй турган, кыштарында жаз шыбырай турган, тоо десе тоосу бар, бак десе багы бар, таң сайын булбулдар ырдап мактоосун бүтө албаган бир өлкөнү Мекен кылып берген экен, ал үчүн өзүбүздү бактылуу деп билишибиз керек. Президентибиз айткандай, шүгүрчүлүк менен жашоого тийишпиз...

Кымбаттуу мекендеш! Сен менен биз Өзбекстандын элибиз. Өзбекстан элинин өз ар-намысы бар. Бүгүн биз дүйнө элдери катарынан ылайыктуу орун табууга аракеттенип жатабыз. Бирок биз, ар-намысыбыз канчалык жогору болбосун, өзүбүздүн кадыр-баркыбызды канчалык бийик тутпайлы, эч бир элди кемсинтмекчи эмеспиз. Аллах таала дүйнөдө өзүнүн бардык пенделерин тең кылып, бурадар кылып, дос кылып жаратканын биз жакшы билебиз[1].

---

[1] **Азат Шарафиддинов**. Ma’naviy kamolot yo‘llarida. —T.: «Ma’naviyat», 2001-жыл, 16—26-беттер. Айрым кыскартуулар менен басылууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# *Экинчи глава.* ДҮЙНӨ МАРТТЫ ТААНЫЙТ

## МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХАНИЙ ТУРМУШ

Кымбаттуу окуучу, улуу тарыхка ээ болгон элдин руханияты да улуу болот.

*Руханият сөзү «рухий дүйнө», «рухий баалуулук» деген маанилерди туюнтат.*

«Руханият» түшүнүгүнүн мазмуну жалаң ушул сөздөр менен гана чектелип калбайт.

**«Адам баласын адам кылган, анын аң-сезими менен тыгыз байланышкан бул түшүнүк ар бир адам, коом, улут жана элдин турмушунда эч нерсе менен ченеп болбогон өз алдынча орун ээлейт»[1].**

Адам баласы материалдык жана руханий керектөөлөр менен тирүү. Аларды бирин-биринен жогору коюуга болбойт. Материалдык умтулуулар күчөп кетсе, адамдар руханий дүйнөсүн, өз ара урмат, сулуулукту барктоо, чындыкка ишенүү сыяктуу касиеттерди жоготушу мүмкүн.

Тескерисинче, жалаң руханий умтулуулар менен да жашоого болбойт. Анткени мындай жашоо адамдардын материалдык өнүгүүдөн артта калып кетишине, мектеп, китепкана, театр, музей сыяктуу илим-агартуу жайларын курууга каражат таба албай, руханий жактан жакыр болуп калышына алып келиши мүмкүн.

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 19-бет.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Адам баласына мүнөздүү болгон каалоо-тилектерди ишке ашыруу, анын аң-сезимдүү жашоосу үчүн керек болгон материалдык жана руханий дүйнөнү көктө учуп жүргөн куштун эки канатына окшотсок, менин оюмча, орундуу болот. Качан гана мына ушул эки фактор шайкеш келсе, чыныгы маанидеги кош канатка айланса, ошондо гана адам, мамлекет жана коомдун турмушунда өнүгүп-өсүү, өркүндөө процесси жүрөт»[1].**

Чындыгында да, эгерде дүйнө тарыхына назар салсак, ушул материалдык жана руханий байлыктарды шайкеш келтирип, өнүгүүнүн жолунда алардан кеңири пайдалануу жакшы натыйжаларды бергенин көрөбүз. Булардын бардыгы советтердин тушунда калыптанган «материалдык байлык кишини бузат», «материалдык дүйнө – биринчилик, руханий байлык болсо экинчи даражалуу» деген көз караштардын канчалык туура эмес экендигин көрсөтөт.

**Эгерде материалдык байлык адал эмгек менен табылган болсо жана жогорку руханияттын негизинде акыл менен иштетилсе, изги максаттарга кызмат кылышы шексиз.**


**Альфред Нобель**

Дүйнөлүк тарыхта менчик байлыгын руханиятка, элинин билим жагынан өнүгүшүнө сарптаган инсандар көп болгон. Мисалы, Орусияда теги соодагер болгон Павел Третьяков аттуу киши жаштайынан өзүнө жараша музей жана сүрөттөр галареясын түзүүнү эңсеген. Ушул максатта көптөгөн көркөм чыгармаларды сатып алган. Өмүрүнүн аяк ченинде бул байлыктардын бардыгын Москва шаарына белекке калтырган. Орусиядагы белгилүү Третьяков галареясы ушинтип пайда болгон. Бүгүнкү

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 67-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күндө ар кандай маданияттуу адам сүрөт көркөм өнөрүнүн эң баалуу чыгармалары чогултулган бул музейди барып көрүүнү эңсейт.

Дүйнөдөгү эң абройлуу эсептелген Нобель сыйлыгынын негиздөөчүсү – швециялык Альфред Нобель. Өзү чогулткан байлыкты руханиятка кызмат кылдыра алуунун жолун тапкан бул кеменгер инсан теги химик-инженер болгон.

Биздин белгилүү ата-бабаларыбыз да бул багытта көптөгөн үлгүлүү иштерди жасашкан. Алсак, белгилүү ойчул акыныбыз Алишер Навоий өзүнүн каражаты эсебинен жолдор, көпүрөлөр, мончолор, кербен сарайлар, китепкана жана медреселер курдурган, шыктуу акын, сүрөтчү жана адабиятчыларды өзүнүн демөөрчүлүгүнө алып, аларга маяна төлөп турган.



**Навоий шаарындагы Алишер Навоий айкели**

Материалдык байлыктарды изги иштерге кызмат кылдыра алган мындай айкөл ата-бабаларыбыздын изги салттарын бүгүнкү мекендештерибиз татыктуу түрдө улантышууда. Өзүнүн эсебинен бала бакча же мектеп, жол салган, балдар үйлөрүнө, келишим негизинде окуган студенттерге жардам көрсөтүп жаткан, маалаларди көрктөндүрүүгө салым кошуп жаткан инсандар бүгүнкү күндө өлкөбүздө көбөйүүдө. Булардын бардыгы материалдык байлыкты руханият жолуна кызмат кылдыруунун эң жогорку үлгүсү болуп саналат.

**Адал эмгек менен тапкан байлыктарды руханиятка, миңдеген адамдарга пайдасы тийчү изги иштерге сарптоо чыныгы айкөлдүктүн белгиси саналат.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айкөлдүк жок жерде эгоизм, сарандык, өзүн гана ойлоп жашоо сыяктуу терс жагдайлар өнүгөт. Булар акыр аягында руханияттын төмөндөшүнө себепчи болот.

Ушул мааниде, айкөлдүк, боорукердик, кең пейилдик сапаттары материалдык жана руханий турмуш ортосундагы тең салмактуулукту сактап, коомдун текши өнүгүшүнө кызмат кылат.

Кылымдар бою мындай сапаттар элибиз руханиятынын ажырагыс бөлүгү болуп келген. Бул сапаттар Мекенге болгон сүйүү жана берилгендик менен түздөн-түз байланышта болуп, Ата мекенге, элге болгон чексиз мээримдин натыйжасында өркүндөп отурат. Мындай үлгүлүү сапаттардын негизинде руханият жатат.

Залкар ата-бабаларыбыздын кайсы биринин өмүрүнө назар салбайлы, бардыгынын ишмердигинде үлгүлүү сапаттар, башкача айтканда руханияттын негизинде жашоо башкы критерий болуп турганын көрөбүз.

## ? *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Руханият сөзүнүн маанисин түшүндүр.
2. Президентибиз эмнелерди учкан куштун эки канатына салыштыруу орундуу, деп белгилеген?
3. Материалдык жана руханий дөөлөттөрдү сен кандай түшүнөсүң?
4. Төмөнкү сүрөттөрдүн кайсы бири материалдык, кайсы бири руханий турмушка таандык экендигин айт.


1


2


3


4

5. Альфред Нобель ким болгон?
6. Алишер Навоий кандай изги иштерди ишке ашырган?
7. Элибизге мүнөздүү үлгүлүү сапаттардан кайсыларын билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Практикалык көнүгүү*

## АЙКӨЛДҮК

***Рабаят***

Белгилүү акын жана ойчул, желкеси жерге тийбеген чебер күрөшчү Пахлаван Макмуттун атагы Харезмден Индия жергесине чейин жетип барат. Аны индилердин эң күчтүү балбандары менен күрөшүүгө чакырышат. Пахлаван Макмут бабабыз алардын бардыгын биринин артынан бирин жеңип чыгат.

Харезмдик баатырдын күчү жана чебердигине таң калган инди падышасы аны сарайына чакырып, ага урмат-сый көрсөтөт жана тилегенинди сура, дейт. Анда Пахлаван Макмут ойлонуп отурбай минткен экен: «Улуу урматтуум, согуш учурунда сиздерге туткун түшкөн мекендештеримди азаттыкка чыгарсаңыз жетиштүү, менин жападан-жалгыз тилегим ушул!»

Инди падышасы Пахлаван Макмуттун билеги жоон гана эмес, ошондой эле руханий жактан да күчтүү экендигине таң калып, туткун алынган бардык харезмдиктерди азаттыка чыгарган экен.

Кымбаттуу окуучу, көрдүңбү, бир адамдын руханий дүйнөсү, башкача айтканда айкөлдүгү натыйжасында жүздөгөн адамдар туткундан кутулган. Бул тарыхый рабаят Президентибиз тарабынан айтылган, белгилүү китептин аталашы иретинде бардыгыбызга белгилүү «Жогорку руханият – жеңилгис күч» деген сөздөр терең турмуштук негизге ээ экендигин көрсөтөт. Чындыгында да, руханияты күчтүү инсан, эл жана коомду жеңүүгө болбойт.

Руханий сапаттар бири-бири менен түздөн-түз байланышта экендигин унутпа. Ошондуктан айкөл, боорукер жана кең пейил инсан албетте адал, жүрөгү тунук жана берешен болот. Эгерде сен ата-бабаларыбыздын сапаттары тарыхы жазылган байыркы китептерди кунт коюп окусаң, буга кайра-кайра ишеним пайда кыласың.

**«Белгилүү болгондой, Бабур Мырзанын атасы Умаршайх Мырза темурий өкүмдарлардын бири эле. Бабур өзүнүн эскерүүлөрүндө атасынын абдан адилеттүү жана**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**адал киши болгонун көрсөткөн ушундай маалыматты айтып өтөт. Кайсы бир жылы Кытайдан Ферганага келе жаткан миң адамдан турган кербен Ош тоолорунда көчкүнүн астында калып, жок болот. Умаршайх Мырза заматта адамдарын жиберип, кербендин жүктөрүн көзөмөлгө алдырат. Ээлери курман болгон бул товарларды эки жылдан ашуун абайлап сактайт. Хорасан жана Самаркандга атайын адам жиберип, кербен ээлеринин мураскорлорун издеп таптырат жана аларды өзүнүн мамлекетине чакыртып, товарларын бүт бойдон колдоруна тапшырат»[1].**

Ата-бабаларыбызга мүнөздүү болгон мына ушундай адалдык, тууралык, бирөөнүн мүлкүнө кыянат кылбастык сапаттары муундан муунга өтүп келүүдө. Жашоо мүнөзүбүзгө, улуттук характерибизге сиңип кеткен мындай сапаттарды 70 жылдан ашуунга созулган советтик идеология да турмушубуздан жулуп ала албады. Эгерде сен устат жазуучу Улмас Умарбековдун чыгармасы негизинде даярдалган «Кыяматтык карыз» аттуу спектаклди көргөн болсоң, анда карапайым кыштак адамынын жүрөгүндө мына ушундай касиеттер ыйман деңгээлине көтөрүлгөнүн көрөсүң.



**Андижан шаарындагы Бабур Мырза айкели**

Эгемендүүлүк жылдарында элибиздин мындай сапаттары жаңыдан бекемделип келүүдө. Президентибиз тарабынан айтылган «Сооптуу ишти ар күнү жасоо керек, сооптуу ишти ар бир адам жасоого тийиш» деген үгүттүн негизинде жасалып жаткан изги иштерди бүгүнкү күндө кадам сайын көрүүгө болот.

[1] **Ислам Каримов**. Adolatli jamiyat sari. –T.: «O'zbekiston», 1998-жыл, 110-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кымбаттуу окуучу, мына ушундай үлгүлүү сапаттардын ээси болгон элдин перзенти иретинде биз ар дайым изгиликке умтулуп жашоого тийишпиз. Ошондо гана ата-бабаларыбызга татыктуу урпактар болуп, бул жашоодо биз да өзүбүздөн жакшы наам калтырууга жетишебиз.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Эмне үчүн инди падышасы Пахлаван Макмуттун марттыгын жана айкөлдүгүн жогору баалады?
2. Бабур Мырзанын атасынын атын айт.
3. Кытайдан Ферганага келе жаткан кербен кандай кырсыкка жолугат?
4. Умаршайх Мырзанын адал жана адилеттүү болгондугу жөнүндө сүйлөп бер.
5. Президентибиз тарабынан айтылган чакырыктын мааниси жөнүндө сүйлө.
6. Сүрөттөрдө элибизге мүнөздүү кандай сапаттар чагылдырылган?


1

2

3

4



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ОТТО КҮЙБӨС МУРАС

Кымбаттуу окуучу, материалдык байлык канчалык көп, канчалык баалуу болсо да, күнү келип эскириши же түрдүү кырсыктардын натыйжасында отко күйүп, сууга чөгүп кетиши мүмкүн. Руханий байлыктын артыкчылыгы, ага убакыт менен мейкиндик өзүнүн таасирин өткөрө албайт.

**Руханий байлык отко күйбөйт, сууга чөкпөйт, адам баласы, эл жана улут бар экен, алардын жүрөгүндө, аң-сезиминде жашай берет.**

Эчендеген кылымдар бою элибиз сыяктуу анын руханий байлыктары да оор жана татаал сыноолорду башынан өткөргөн. Бирок канчалык кыргын жана баскынчылыктарга туш келбесин, элибиздин турмушунда руханияттын булагы эч качан соолгуп калбаган.

## 12 МИҢ БОДО МАЛДЫН ТЕРИСИНЕ ЖАЗЫЛГАН КИТЕП

Мындан 2700 жыл илгери биздин жергебизде жаратылып, 12 миң бодо малдын терисине алтындын буусу менен жазылган «Авесто» китеби чет өлкөлөрдө да кеңири белгилүү болгон.

Дүйнөдөгү түрдүү күчтөр бул байлыкка ээлик кылууга урунушкан. Мисалы, белгилүү грек кол башчысы Александр Македонский 32 китептен турган бул чыгарманын түпкү нускасын Грецияга жөнөткөн. Гректер бул китептин медицина, астрономия, философияга таандык главаларын көчүрүп алышып, калган барактарын отко таштап, өрттөп жиберишкен. Биздин жергебизде жаралган улуу ачылыштар ушундай түрдө Греция



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аркылуу бүткүл Европага жайылган. Бул чындыкты Батыштын окумуштуулары да таанышкан. Белгилүү немис философу Фридрих Ницше «Авесто»нун накыл сөздөрүнөн шыктанып, «Заратуштранын кайрылуусу» аттуу чыгарма да жазган.

Бул китеп отко күйдүрүлгөнүнө карабастан, анын көпчүлүккө жат болуп кеткен идеялары элибиздин жүрөгүндө, күндөлүк үрп-адат жана салттарында жашай берген. Бул чыгарманын негизги идеясы болгон изгилик бүгүнкү күндө да элибиздин бардык ой-тилектеринин негизин түзүшү жөнүндө сен мурдагы сабактарыбыздан жакшы билесиң.



**Үргөнч шаарындагы «Авесто» эстелиги**

Билим менен изгиликтин адам, коомдун турмушундагы зор маанисин жакшы түшүнгөн билимдүү элдер өз күчүн, материалдык мүмкүнчүлүктөрүн мына ушундай эч качан жоголбой турган руханий байлыктарга сарпташка аракеттенген.

Элибиз эзелтеден билимге умтулуп жашаган эл иретинде дүйнөгө таанылган. Мунун далилин бүт өмүрүн илим-билимдин өнүгүүсүнө арнап, дүйнө элин азырга чейин таң калтырып келе жаткан залкар окумуштууларыбыздын мисалында таасын көрүүгө болот.

## МИҢ ЖЫЛДА БИР ТӨРӨЛЧҮ ОКУМУШТУУ

Байыркы Харезм жергесинен жетишип чыккан залкар бабабыз Макмут Замахшарий билим жолундагы чексиз эмгектери үчүн «Жаруллах», б. а. «Аллахтын кошунасы» деген жогорку наамга татыктуу болгон. Ал жараткан «Ал-муфассал» аттуу китеп арап тилинин грамматикасына негиз кылып алынган болуп, азырга чейин ошол китептен пайдаланышат. Ошол се-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бептен арап ойчулдарынан бири «Дүйнөдөгү бардык кыштактар биригип, Харезмдин бир гана Замахшар кыштагына тең келе албайт. Анткени бул кыштак миң жылдарда бир жолу дүйнөгө келиши мүмкүн болгон Замахшарий сыяктуу залкар окумуштуунун мекени эсептелет», деп таап айткан[1].

Өлкөбүздүн даңкын ааламга тааныткан окумуштуу бабаларыбыздын дагы бири медицина илиминде чоң ачылыштарды жасаган, шайхур-раис, б. а. шайхтардын башчысы наамын алган Абу Али ибн Сина болуп саналат. Анын «Медицинанын канондору» аттуу чыгармасы Европа университеттеринде алты кылым бою окуу китеби иретинде окутулган, өзүнө мүнөздүү философиялык окуусу болсо окумуштуулар тарабынан азырга чейин чоң кызыгуу менен үйрөнүлөт.

***Рабаят***

**Ибн Сина жана ашык жигит**



**Ташкент шаарындагы Ибн Сина айкели**

Бир жигит катуу ооруп калыптыр. Эч бир табып анын дартына даба таба албаптыр. Ата-энеси акырында улуу дарыгер ибн Синага кайрылыптыр. Атактуу окумуштуу жигиттин тамырын кармап, «Ушул жакын жердеги айылдардын аттарын айт», дептир. Кайсы бир айылдын аты айтылганда, жигиттин тамыр согушу тездеп кетиптир. Ошондо ибн Сина үйдүн ээлерине карап, «Эми ошол айылдагы көчөлөрдү атагыла», дептир. Кайсы бир көчөнүн атын укканда жигиттин тамыры андан да бат сого баштаптыр. Улуу дарыгер оорулуунун дартынын себебин барган сайын тагыраак сезип, «Эми ошол көчөдө жашаган кыздардын аттарын айткыла», дептир.

[1] Islom ziyosi o‘zbegim siymosida. – Ташкент ислам университетинин басма үйү, 2001-жыл, 189-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Кыздардан биринин аты аталганда, жигит оор улутунуптур. «Уулуңуздун оорусу белгилүү болду, — дептир анда Ибн Сина, — аны кыйнаган дарт — махабат дарты».

*Ибн Сина эмне үчүн оорулуу жигитке дары бербеди?*

**«Улуттук тарыхыбыздын дагы бир жылдызы Абу Райкан Берунийдин ишмердигине адилеттүү баа берип, америкалык илимпоз тарыхчы Сартон XI кылымды «Берунийдин кылымы» деп мүнөздөйт. Мындай жогорку баа эң мурда энциклопедиялык акыл-эстин ээси болгон залкар мекендешибиздин илимдин өнүгүшүнө кошкон чексиз салымы менен түшүндүрүлөт»[1].**

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Материалдык байлык түбөлүк турушу мүмкүнбү?
2. Руханий байлыкты жок кылууга болобу?
3. «Авесто» китеби канча бодо малдын терисине жазылган?
4. Отто күйгөн бул китеп таптакыр жок болуп кеттиби?
5. Макмут Замахшарий ким болгон?
6. Сүрөттөрдүн арасынан Абу Али ибн Синанын эң белгилүү чыгармасын көрсөт?




[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 42-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Практикалык көнүгүү*

# ӨЗБЕКСТАН – ЗАЛКАР ОКУМУШТУУЛАР ӨЛКӨСҮ

Кымбаттуу окуучу, Ата Мекенибиз жөнүндө сөз болгондо, көпчүлүк анын дагы бир өзгөчөлөгүнө токтолот. Бул – өлкөбүз байыртадан залкар окумуштуулар өлкөсү иретинде белгилүү экендиги. Ушул темадагы эл аралык конференция 2014-жылдын 15–16-май күндөрү биздин жергебизде, көөнө жана ар дайым жаш Самарканд шаарында өткөрүлгөнүнөн сен мурдагы сабактардан жакшы билесиң. Бул жыйында орто кылымдарда жергебизден ошончолук көп жана белгилүү окумуштуулар жетишип чыкканы дүйнө тарыхында чанда кездеше турган окуя экендиги баса белгиленди.

***Рабаят***

**Окумуштуулук мартабасы**



**Ташкент шаарындагы Мырза Улугбек айкели**

Мырза Улугбектен «Сиз эмне үчүн саясатка караганда илимге көбүрөөк кызыккансыз?» деп сурашканда, минтип жооп берген экен: «Мен илимдин кудуретин чоң атамдан билдим. Бир жолу чоң атамдын тизесинде олтурган элем. Кокусунан хан сарайга бир киши кирди. Чоң атам шашып ордунан турду. Мен анын тизесинен түшүп кеттим. Чоң атам буга көңүл да бурбастан, баягы кишини тосуп алууга шашылды. Кийин билсем, ошол киши чоң атама илим үйрөткөн устаты экен. Окумуштуулук мартабасы падышалыктан да жогору экендигин ошондо билгенмин. Ошондо дилимде окумуштуу болуу пикири ойгонгон эле».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Дүйнө тил таануучу окумуштуулары дүйнөдөгү белгилүү акын жана жазуучулардын арасында эң көп сөз байлыгына ээ болгондорун аныктоо боюнча изилдөөлөр жүргүзүшкөн. Анын натыйжасы боюнча, бабабыз Алишер Навоий дүйнөдөгү сөз байлыгы эң көп акын катары тан алынган. Алишер Навоий өзүнүн чыгармаларында 26 миң 35 сөз иштеткен экен. Орустун улуу акыны Александр Пушкин 21 миң 193 сөздөн, англиялык акын Уильям Шекспир 20 минден ашуун сөздөн пайдаланышкан экен.**

Ошол себептен Алишер Навоий дүйнөлүк деңгээлде чоң атакка ээ болгон. Анын урматына Россия Федерациясынын баш калаасы Москва шаарында, Япониянын борбору Токиодо жана Азербайжан Республикасынын борбору Баку шаарында салабаттуу айкелдердин орнотулушу ата-бабаларыбызга, жалпы элибизге болгон урмат-сыйдын белгиси саналат.



**Баку шаарындагы Алишер Навоий айкели**

Ошондуктан Президентибиз Ислам Каримов Алишер Навоийнин гениалдуу талантына жогору баа берип, терең сыймыктануу менен төмөнкүлөрдү жазган:

**«Эгерде бул улуу инсанды олуя десек, анда ал олуялардын олуясы, ойчул десек, ойчулдардын ойчулу, акын десек, анда акындардын султаны болуп эсептелет»[1].**

Зор таланттын ээси болгон дагы бир бабабыз – Камалиддин Бекзат орто кылымдар Чыгыш сүрөтчүлүгүндө чоң мектеп жа-

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 47-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

раткан. Бул инсанды атактуу ойчул бабаларыбыздан бири Захириддин Мухаммад Бабур «сүрөтчүлүк ишин аябай назик кылды», деп мүнөздөйт. Бул сөздөр Бекзаттын кишинин жүзү аркылуу анын ички дүйнөсүн, күлк-мүнөзүн өтө назик сүрөттөп бере алуу чеберчилигине болгон ишарат. Батышта Бекзатты «Чыгыштын Рафаэли» деп өздөрү билген жана жакшы көргөн сүрөтчүгө салыштыра урматташканы менен, анын чыгармачылыгы улуу италиялык сүрөтчү жана архитектор, Батыш Кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү өкүлү эсептелген Рафаэль Сантинин чыгармаларынан таптакыр айырмаланат. Рафаэль Санти сарай жана чиркөөлөрдө сүрөттөр тарткан, чоң-чоң полотнолор сызган. Камалиддин Бекзат болсо адамдын ички дүйнөсүн терең чагылдырган Чыгыш, тагыраак айтканда, Маверауннахр жана Хорасан миниатюра көркөм өнөрү мектебине негиз салган.

*Амударыядан түштүк жактагы аймактар илгери Хурасан деп аталган.*

**Батыш Кайра жаралуу доору баштап XIV–XV кылымдарда Италияда башталып, бүткүл Европага жайылган. Кайра жаралуу доору дегенде, орто кылымдардагы диний түркөйлүк бийлиги доорунан жаңы маданий доорго кадам коюу түшүнүлөт. Бул доор чыгышта бир аз мурдараак – IX кылымда башталып, XV кылымга чейин созулган.**

Журтубуздун топурагы материалдык байлыктар катары руханий байлыктарга да кен. Анын бир карыч жеринен көөнө цивилизацияга таандык не деген буюмдарды табууга болот. Алардын көпчүлүгү ЮНЕСКОнун атайын тизмесинде катталышы да ушундан күбөлүк берет. Чоңоюп, дүйнөнүн эң абройлуу музейлерин тамаша кылсаң, албетте, Өзбекстанга таандык кандайдыр экспонатка туш келесиң. Булардын бардыгы биз канчалык чоң руханий байлыктын мураскорлору экендигибизди билдирет. Буларго көзгө көрүнүп турган байлыктарыбыз, ал эми бир караганда көзгө көрүнбөгөн, бирок адамдарыбызга мүнөздүү изги касиет-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тер, алардын бай рухий дүйнөсү, кооз жана маанилүү сөз байлыгы, кайталагыс сезим-туюмдарычы?

Эгерде дарыялардын кандайча пайда болгондугуна көнүл бурган болсоң, тоолордогу жылгалар сайларга кошулуп, дарыяга айланат. Алар жолундагы эчендеген таш-чөптөрдү, туз жана минералдарды өзүнө сиңирип, жердин тамырына мүрөк суусун берип турат.

Руханиятты да ошондой дарыяга салыштырууга болот. Ал да кылымдардын түбүнөн не деген турмуштук тажрыйбаларды, миллиондогон инсандарга мүнөздүү билим жана сезимдерди өзү менен кошо алып келет. Дарыянын суусу жердин тамырына жашоо берип турганы сыяктуу, ал да адамдар менен элдердин турмушуна маани-мазмун берет.

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Самаркандда улуу окумуштууларыбыздын мурасына арналган эл аралык конференция качан болуп өттү?
2. Мырза Улугбек окумуштуулук мартабасынын чексиз улуу экендигин качан туйган?
3. Төмөнкү шаарлардын ичинен Алишер Навоийнин айкели коюлган шаарларды ажыратып көрсөт.










4. Руханияттуу адамды руханиятсыз адамдан кантип айырмалоого болот?
5. Руханиятты эмне үчүн дарыяга окшотобуз?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРЫБЫЗ

Кымбаттуу окуучу, адам баласы өзүнө жакын, чын жүрөктөн мээримин берген адамдарды кадырлуу дос деп билгени сыяктуу дүйнөдөгү элдер да жашоосунун маани-мазмунуна айланып кеткен үрп-адат, каада-салт, майрамдарын, тил, дин, адабият жана маданияттын үлгүлөрүн баалуулук деп билет.

*Баалуулук сөзү «нарктуулук» деген маанини билдирип, эчен кылымдардан бери адам баласы тарабынан жогору бааланып, өнүгүүгө кызмат кылып келе жаткан үрп-адат жана каада-салттарды билдирет.*

Ар бир элдин улуттук баалуулуктары анын өздүгүнүн белгиси саналат. Ошонун катарында биздин укмуштуу улуттук баалуулуктарыбыз да. Мисалы, Нооруз майрамын алып көрөлү. Бул майрам элибиз отурукташкан байыркы доорлордон бери жашап келүүдө.

**«Биз дайыма чыдамсыз күткөн жана чоң кубаныч, салтанат менен өткөрө турган Нооруз биз үчүн жашоонун түбөлүктүүлүгү менен жаратылыштын чексиз кудурети жана айкөлдүгүнүн, көп миң жылдык улуттук сыймыгыбыздын, үрп-адаттарыбыздын кайталангыс белгиси болуп келүүдө»[1].**

*«Нооруз» фарсча сөз болуп, жаңы күн деген маанини билдирет.*

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 35-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Улуттук паркта Нooруз майрамы**

Советтик бийликтин тушунда башка баалуулуктарыбыз катары Ноорузга да тыюу салынды. Айрым жетекчилер «зыяндуу», «диний илдет» деген орунсуз айыптоолор менен Ноорузга да каршы күрөшүп, сүмөлөк толо казандарды оодарып салганы, ушуга окшош түрдүү орой иштерди жасаганы жөнүндө чоң муундун өкүлдөрү көптөгөн мисалдарды айтып бериши мүмкүн.

Бул сөздөр, ыктымал, сага окшогон бүгүнкү жаштар үчүн кудум эле уламыштай сезилер. Бирок мындан 20—25 жыл мурда мындай жагдайлар элибиздин турмушундагы кадимки адатка айланган эле. Эгемендүүлүк гана мындай жаман көрүнүштөрдүн бардыгына чек койду. Нооруз майрамы мурда эч качан бүгүнкүдөй, өлкөбүздөгү 130 дан ашуун улуттун өкүлдөрү, чет өлкөлүк конокторт, элчилердин катышуусунда кеңири белгиленбеген.

Ар жылы өлкөбүздүн борборундагы Өзбекстан Улуттук паркында боло турган Ноорузга арналган салтанаттуу майрам жасалма жолдош аркылуу дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө көрсөтүлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Бириккен Улуттар Уюму тарабынан 2010-жыл 21-март күнү Эл аралык Нооруз күнү деп жарыяланды жана бүгүнкү күндө бул майрам дүйнөлүк көлөмдө кеңири белгиленип жатат.**

Элдин турмушунда кээ бир баалуулуктар да болуп, алар улуттун өзү менен бирге калыптанат жана анын негизги белгилеринен бирине айланат. Тил – ар бир улуттун мына ушундай баа жеткис баалуулугу саналат. Кыргыз, өзбек тилдери да улутубуз менен миң жылдар бою биргеликте калыптанып келген. Элибиздин башына тарыхта кандай оор сыноолор түшкөн болсо, тилибиз да мындан куру калбаган. Душмандар өлкөбүзгө чабуул жасап, жерибизди басып алган доорлордо негизги улуттук баалуулуктарыбыздан бири болгон тилибизге да тыюу салынган, ал кемсинтилген. Баскынчылар эне тилибизде эркин сүйлөөгө жол бербеген. Элибиз эркин жана азат болуп, өзүнүн жери, өзүнүн тагдырына ээлик кылып жашаган кездерде тилибиз да көөдөнүн көтөрүп, байып, өнүгүп отурган. Мисалы, арап жана монгол баскынчылыгынан кийин кыргыз, өзбек (түркий) тилдеринин аброю басаңдай түшкөн. Темурийлер мамлекеттүүлүгү доорунда элибиздин шаан-шөкөтү, кадыр-баркы менен бирге тилибиздин аброю да кайра калыбына келди.



**Бухара. Бахауддин Накшбанд медресеси**

Мындай жагдайды улутубуз руханиятынын дагы бир маанилүү белгиси саналган кайталангыс архитектуралык эстеликтерибиздин советтердин тушунда канчалык кыйроого учураганы мисалында да көрүүгө болот. Өлкөбүздө советтер бийлик жүргүзгөн доордо мечит жана медреселер бузулган, алардын соо калгандары болсо кампа, дүкөн, рухий оорулуулар ооруканасына айландырылган. Олуяларыбыздын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мүрзөлөрү тепсенди кылынган, алардын ыйык наамдары, өлбөс-өчпөс мурастары элибизден катылган. Учурда ар тараптан көрктөндүрүлүп, өлкөбүздөн жана бүткүл дүйнөдөн миңдеген адамдар келип зыярат кылган Имам Бухарий, Имам Матурудий, Бахауддин Накшбанддын эстелик комплекстери бир мезгилдерде таптакыр кароосуз калып кеткен эле.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздүн кайсы жерине барбагын, улуу бабаларыбыздын сөөгү жаткан ыйык зыярат жерлерин, алардын көрктүү күмбөздөрүн, эскерүү сейил бактарын, заманбап лицей жана коллеждерди, түз жолдорду көрөсүң. Адамдарыбыз өздөрүнүн тилдеринде эркин сүйлөшөт, улуттук майрамдарыбызды биргеликте кеңири белгилешет, диний маараке жана салттарга эркин катышып, керектүү амалдарды аткара алышат. Мекендештерибиздин ар жылы ыйык Кааба зыяратына – ажы жана умра сапарларына, дүйнөнүн башка мамлекеттерине окуу, иштөө, соода жүргүзүү, эс алуу максаттарында барып келе жаткандыгын сен жакшы билесиң.

Ал эми советтер бийлигинин Сталин башкарган доорунда колхозчуларга, б. а. айыл элинин көпчүлүгүнө четке чыгуу турмак, шаарга барууга да уруксат берилбеген, алардын паспорту да болбогон. Эгерде ошол замандарда элибиздин негизги бөлүгү кыштактарда жашаганын жана алар зордуктоо менен колхоздорго мүчө кылынганын эсепке алсак, анда алар эң жөнөкөй адамдык укуктарынан айрылып, көз каранды болуп жашаганын элестетүүгө болот. Анткени мыйзамдары, улуттук баалуулуктары ишке ашпаган жашоо зулум менен зомбулукка сокурларча баш ийүүдөн, маанисиз күн өткөрүүдөн гана турган болот.

Улуттук баалуулуктар адамдын кадыр-баркын, улуттук сыймыгын жогорулатат, жашоосуна маани-мазмун берет. Анын баалуу сөзүнөн алынганы да текке эмес.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Баалуулук деп эмнеге айтылат?
2. Улуттук баалуулук дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Улуттук баалуулуктар кандай шартта өнүгөт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Сен көбүрөөк кайсы улуттук баалуулуктарыбызды жактырасың?
5. Советтердин тушунда эмне үчүн улуттук баалуулуктарыбыз тепселген?
6. Сүрөттөрдөгү балдар эмне менен алектенип жаткандыгы жөнүндө сүйлөп бер.










## «Жогорку руханият – жеңилгис күч» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 18–20-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 108–112-беттер.

3. Milliy istiqlol g‘oyasi: asosiy tushunchalar, tamoyillar va atamalar. Ташкент, «Yangi asr avlodi» басма үйү, 2002-жыл, 72–73-беттер.

4. Ma‘naviy yuksalish yo‘lida. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2008-жыл, 16–18-беттер.

5. A. Ibrohimov. Yorug‘lug‘. Ташкент, «O‘zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2006-жыл, 235–238-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР

Кымбаттуу окуучу, улуттук баалуулуктардын өнүгүшүндө, жаңы маани-мазмун менен байышында алардын жалпы адамзаттык баалуулуктар менен шайкеш келиши маанилүү роль ойнойт.

*Жалпы адамзаттын жашоосу үчүн кадырлуу, маанилүү болгон баалуулуктарга жалпы адамзаттык баалуулуктар дейилет.*

Эгерде улуттук баалуулуктарыбыздын маани-маңызына терең назар салсак, анда алар байыртадан бери башка элдер менен болгон үзгүлтүксүз карым-катыштын натыйжасында байып, өнүгүп отурганын көрөбүз. Айныкса, Улуу Жибек жолу менен кербендер тынымсыз жүрүп турган доорлордо ата-бабаларыбыз түрдүү элдердин маданиятына, үрп-адаты менен салттарына, өнүгүү жаатындагы жетишкендиктерине жакын турушкан. Ошондуктан өлкөбүздүн байыркы топурагында зороастризм, будда, христиан жана ислам маданияттарына таандык түрдүү эстеликтер көп кездешет. Көөнө жергебизде жүргөн улуу цивилизациянын натыйжалары, элибиздин башка улут жана элдер, дин өкүлдөрү менен ынтымактуу жашап келгенинин далили катары алардын бардыгы биз үчүн кадырлуу саналат.

*Зороастризм — отко сыйынууну үгүттөгөн, Зороастр тарабынан негиз салынган окуу.*

*Буддавийлик — эл ичинде «Будда» — «чындыкты коргоочу» деп аталган шаазаада Гайтама негиз салган диний-философиялык окуу.*

*Насронийлик христиан динин жана окуусун билдирет.*

**«Ата-бабаларыбыз эчен кылымдар бою ушул учу-кыйырсыз чөлкөмдө кандайча ынтымактуу болуп, кандай баалуулуктардын негизинде жашап келген болсо, бүгүн да, эгер айтыш**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**мүмкүн болсо, тарых менен турмуштун талабы, жаратылыштын өзү бизди – жалпы Орто Азиянын элдерин куду ошондой достук жана шериктештик рухунда жашоого үгүттөөдө»[1].**

Ар бир улуттук баалуулуктун түпкүрүндө жалпы адамзаттык идеялар, ой-тилектер жатат. Мисалы, табиятты сүйүү, жер-эненин дөөлөттөрүнөн пайдалануу, аларды асырап-абайлоо; жазды, күнөстүү күндөрдү шаттык менен тосуп алуу дүйнөдөгү бардык элдердин турмушунда маанилүү орун ээлейт. Алар Нooруз майрамынын маани-маңызына да терең сиңип кеткен. Ошондуктан бул майрамыбыз дүйнөдөгү бардык улут өкүлдөрүндө чоң кызыгуу ойготот.

Ошол эле учурда элибизге мүнөздүү болгон эң жакшы баалуулуктар да бар болуп, алар улуттук өздүгүбүздү көрсөтүүдө кылымдар бою эң маанилүү өзгөчөлүк болуп келүүдө.

**«Мисал үчүн, тилибиздеги мээримдүүлүк, боорукердик, айкөлдүк, кадыр-барк деген, бирин-бири маани-мазмун жагынан байытып жана толуктап келген сөздөрдү алып көрөлү. Канчалык кызыктуу сезилбесин, бул сөздөрдү башка тилдерге дал өзүндөй которуунун өзү өзгөчө оор жумуш»[2].**

Мындай өзгөчөлүктөрдү кадырлоо улуттук өздүгүбүздү, дүйнөдөгү башка улут жана элдерге окшобогон улуу элдин перзенти экендигибизди түшүнүп жетүүдө аябай чоң роль ойнойт.

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 10-бет.

[2] Ошол чыгарма, 8-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүгүнкү күндө тынчтык, дүйнө элдеринин өнүгүшү жана бейпилдиги жолунда шериктештик кылуу, өз ара достук, биримдик, планетабызды асырап-абайлоо; ар бир адам, эл жана улуттун укуктарын урматтоо, эл аралык маданий жыйындар, спорт мелдештери эң маанилүү жалпы адамзаттык баалуулуктарга айланып жатат.

Биздин өлкөбүздө өткөрүлө турган «Sharq taronalari» эл аралык музыка фестивалы, италия операсына арналган фестиваль, эл аралык фото биеналлилер, түрдүү илимий-практикалык форумдар, спорт мелдештери элибиздин бүгүнкү күндө да жалпы адамзаттык баалуулуктардын өнүгүшүнө чоң салым кошуп жатканынан күбөлүк берет.

### ? *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Төмөнкү сүрөттөрдө улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар кандай чагылдырылган?




2. Кайсы сөздөрүбүздү башка тилдерге которуу кыйын жана эмне үчүн?
3. Жагымдуу чет өлкө музыкасын укканда котормочу керекпи?
4. Дүйнөлүк жазгы олимпиада оюндарын жалпы адамзаттык баалуулуктар катарына кошууга болобу?
5. «Сүмөлөк» сөзүнүн маанисин чондордон сурап бил.
6. Нооруздун биринчи күнү кайсы айдын кайсы күнүнөн башталат?

### «Нооруз сейили» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 35-бет.

2. O'zbekiston milliy ensiklopediyasi. 6-том. Ташкент, «O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2003-жыл, 237–238-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БИЗ – ӨЗБЕКСТАНДЫН ЖАРАНЫБЫЗ

Кымбаттуу окуучу, көңүл бургансыңбы, ата-энең же тууган-дарыңдан кимдир бирөө кайсы бир чет өлкөгө бармакчы болсо, албетте өзү менен паспортун алат. Анткени паспорт адамдын жарандыгын ырастоочу документ эсептелет. Адамдын жарандыгы болсо анын кайсы мамлекет же элге таандык экендигин билдирет жана ага өзүнүн Мекенине татыктуу болуу милдетин жүктөйт. Ошондуктан өз мамлекетинин жараны болуу адамга чоң сыймыктануу жана аброй алып берет.

*Жаран сөзү гражданин маанисин билдирет. Гражданин латинче сөз болуп, укуктук жактан кандайдыр бир мамлекетке таандык экендикти туюнтат.*

Илгери жаран сөзүнүн ордуна табаа, раият сыяктуу сөздөр да иштетилген. Ата-бабаларыбыз өздөрү жөнүндө сөз болгондо, «бакыр», «бакырыңызды кечирип койсоңуз», «бакырлык да, билбей калыптырбыз» сыяктуу сөздөрдү иштетишкен. Бул сөздөрдө өзүн башкалардын алдында милдеттүү деп билүү мааниси да жатат.

Биз – Өзбекстан мамлекетине таандыкпыз, муну туюу менен ар дайым жүрөгүбүз кубанычка толот. Анткени, мурдагы маектерибизде айтып өткөнүбүздөй, Өзбекстан – дүйнөдө теңи жок кооз жана кайталангыс мамлекет. Мындай Мекенде төрөлүү, ал берген ырыскы менен эресеге жетүү ар кимге да насип кыла бербеген чоң бакыт, чексиз таалай саналат.

**Өзбекстан жарандыгынын укук жана милдеттери өлкөбүз Конституциясында, Жарандык кодекси жана башка мыйзамдык документтерде белгилеп коюлган.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Жарандык сезими Мекендин перзенттерин бириктирет, ынтымактуу кылат. Мындай ынтымактуулуктун маанисин Президентибиз Ислам Каримов өзүнүн чыгармасында баса белгилейт.

**«Өлкөбүздө жашап жаткан ар бир инсан өзүн эң мурда Өзбекстандын жараны деп, ошондон кийин гана белгилүү бир аймактын өкүлү, алсак, харезмдик, самаркандык же Фергана өрөөнүнүн перзенти деп билиши мүмкүн. Мындай жагдай ар бирибиз таандык болгон «чакан мекен»дин, туулуп-өскөн шаар же кыштактын баркын жана маанисин эч качан кемитпестиги табигый көрүнүш. Бирок ченден тышкары ашырып жиберилген жердешчилик улуттун, элдин биригишине тоскоол болот.**

**Биз Мекен сезимин мына ушундай бирдиктүү түрдө, башкача айтканда дүйнөдө бир гана өзбек улуту бар, харезмдик, ферганалык, сурхандарыялыктын ортосунда эч**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**кандай улуттук айырма жок, алардын бардыгы өзбек элинин перзенти деп түшүнүүгө, жаш муунубузду мына ушундай рухта тарбиялоого тийишпиз»[1].**

Өзүнүн жарандык милдетин терең түшүнгөн адам мамлекеттин мыйзамдарына сөзсүз баш иет, мыйзамдын ар бир пунктунда элдин эркин көрөт. Ошол себептен чыныгы жарандык сезими менен жашаган адам өзүнүн эли жана Мекенине карата жасалган адилетсиздикке эч качан чыдап туралбайт.

Жаран сөзү Мекендин чыныгы перзенти, жароокер инсан деген маанилерди да туюнтат. Адамзаттын тарыхында өзүнүн жарандык милдетин жашоосунун маани-маңызы деп билген, Ата мекенге татыктуу болуу үчүн каармандык көрсөткөн адамдар көп болгон.

Сен эр жүрөк француз кызы Жанна д'Арк жөнүндөгү китептерди окуган, фильмдерди көргөн болушуң мүмкүн. Аны орлеандык кыз деп да аташат. Ал жаш болушуна карабастан, Орлеан шаарын англистерден азат кылууну, тактан четтетилген француз королун кайра өз ордуна отургузууну чечет. Анын жүрөгүндө алоолонгон жарандык сезими, патриоттук сезими аны ошого үндөйт. Ал өзүнүн агалары менен бирге журтуна берилген адамдарга баш болуп, душмандарга каршы баатырларча күрөшөт жана Орлеан шаарын азат кылат.

Бул эр жүрөк кыздын эл ичинде аброю көтөрүлүп бараткандыгынан дүрбөлөңгө түшкөн жоонун кол башчылары менен дин консерваторлору аны жадыгерликте (сыйкырчы) күнөөлөп, чиркөөнүн атынан соттошот жана отто күйдүрүшөт.

Жанна д'Арктын улуу эрдиги сен жакшы билген Томарис энебиздин каармандыгына окшоп кетет.

Массагеттер уруусунун башчысы Томарис Ирандын падышасы Кирдин күчтүү кошуунуна каршы салгылашат. Кир ачык согушуудан коркуп, айла иштетет. Томаристин уулун мас кылып,

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 90–91-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

туткунга алат. Мындан каарданган Томарис айлакер жоону ачык салгылашууга чакырат. Какшаткыч салгылашууда Томарис душманды жеңип чыгат.

Мындай мисалдар улуту, тили жана динине карабастан, дүйнөдөгү бардык адамдардын ыйык сезимдери өз ара окшош экендигин көрсөтөт.

**Мамлекет өз мойнуна жарандардын укуктарын, жашоосунун кол тийгистигин камсыздоо боюнча белгилүү милдеттерди алат. Ошондой эле, жарандар да мамлекетке кызмат кылуу, анын эгемендүүлүгүн, материалдык жана руханий байлыктарын коргоо боюнча тиешелүү милдеттерге ээ болот.**

**Жалаң өзүнүн, өзү таандык топ же катмардын гана эмес, эл менен Мекендин кызыкчылыгын ойлоп жашаган жаран аң-сезимдүү жаран эсептелет.**

Бүгүнкү күндө биз куруп жаткан укуктук демократиялык мамлекет менен жарандык коом эң мурда аң-сезимдүү жарандарга таянат. Аң-сезимдүү жаран өзүнүн күчү жана мүмкүнчүлүктөрүнө ишенип аракеттенет. Аң-сезимдүү жаран болуш үчүн адам баласы жаштайынан көп окууга, өзүнүн эркин тарбиялап барууга тийиш. Мисалы, чоңоюп, өлкөбүздө өтө турган шайлоолордо, коомдук иштерде активдүү катышсаң, мыйзамдык талаптарга сөзсүз баш ийсең аң-сезимдүү жарандык сапаттарыңды көрсөткөн болосуң.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Жарандык сезими дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Жарандык сезими менен жашап, эрдик көрсөткөн адамдардан кимдерди билесиң?
3. Биз куруп жаткан коом эмне үчүн аң-сезимдүү жарандарга таянат?
4. Аң-сезимдүү жаран болуу үчүн эмне кылуу керек?
5. Төмөнкү сүрөттөрдөгү кайсы адамдарды аң-сезимдүү жаран деп айтууга болот?



### «Мекен сажда жай сыяктуу ыйык саналат» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар

1. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2008-жыл, 90–91-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 6–12-беттер.

3. А. Иброхимов. Yorug’lug’. Ташкент, «O‘zbekiston miiliy ensiklopediyasi» Мамлекеттик илимий басма үйү, 2006-жыл, 91–95-беттер.

4. Ma’naviy yuksalish yo‘lida. Ташкент, «Ma’naviyat» басма үйү, 2008-жыл, 104–120-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ПАТРИОТТУК

Кымбаттуу окуучу, ар бир адам өзүнүн журтуна болгон сүйүүсүн, берилгендигин түрдүүчө билдирет. Кимдир бирөө чын жүрөктөн эмгектенип, Мекендин материалдык жана руханий байлыктарын ашырууга аракеттенет. Кимдир бирөө Мекендин чек араларын сактык менен кайтарып, анын ар бир сөөм жерин көз карегиндей асырайт. Булардын бардыгы патриоттук деп аталган ыйык сезимдин иш жүзүндө көрүнүшү эсептелет. Адам баласы өз ата журтунун кайгы-капасы, шаттык-кубанычы менен дайыма бирге болсо, ал тургай Мекен үчүн жанын да аябаса, патриоттук жөнөкөй эле сезимге эмес, жогорку инсандык сапатка айланат.

*Патриоттук деп, өз журтун сүйүүгө, ага берилгендик менен кызмат кылууга, анын көз карандысыздыгы, тынчтыгы жана өнүгүп-өсүшү үчүн жанын да аябоого, эрдик көрсөтүп жашоого айтылат.*

**Мекенди чыныгы патриот перзенттер дүйнөгө таанытат. Мекендин топурагы чыныгы патриот инсандар аркылуу улуу жана ыйык болот.**

Өзүң ойлоп көр, Айда жана башка планеталарда да топурак бар. Бирок анда адам баласы жашабагандыгы, азырынча эч ким мекен деп билбегендиги үчүн ал жерлерди улуу жана ыйык деп айта албайбыз.

**Патриоттук Мекен сезимин түшүнүүдөн башталат. Бул сезим адамды Мекендин кызыкчылыктары жолунда эрдик жана каармандык көрсөтүп жашоого үндөйт.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнөдө Мекендин азаттыгын, өнүгүп-өсүшүн жашоосунун маани-маңызы деп билген адамдар да көп болгон. Мына ошолор аркылуу Мекен сезими, патриоттук сапаты адам баласынын жашоосунда эң негизги баалуулуктардан бири болуп келе жатат.

Америка Кошмо Штаттарынын биринчи Президенти Жорж Вашингтон XVIII кылымда Түндүк Америкадагы боштондук кыймылдарга башчылык кылат.

Ошол учурда Америка Европадагы ири мамлекеттерге салыштырмалуу кыйла начар абалда эле. Ал жерде регулярдуу армия калыптанбаган болчу. Ошондой бир шарттарда ар тараптан мыкты куралданган Англиянын армиясына каршы күрөш жүргүзүү оңой болбогон. Бирок Мекендин боштондугун жана көз карандысыздыгын ыйык билген Жорж Вашингтон мына ушундай кооптуу жана татаал милдетти аткарууга аттанат – боштондук кыймылына жетекчилик кылат. Душмандын сан жана аскердик камсыздалуу жагынан бир нече жолу жогору турушуна карабастан Жорж Вашингтон жетекчилигиндеги патриот күчтөр акырaягында жеңишке жетишет. 1782-жылы Англия Американын көз карандысыздыгын тааныйт.

Патриоттук боюнча биздин ата-бабаларыбыз да ар тараптан үлгү болорлук мурас калтырышкан.

Мисалы, эр жүрөк бабабыз Жалалиддин Мангуберди монгол баскынчыларына каршы он эки жыл бою күрөшкөн. Жоо өлкөбүзгө бастырып кирген мезгилде Жалалиддин жыйырма жаш кырчын курактагы жигит болчу. Анын атасы Алауддин Мухаммад Харезмшах алысты ойлобой иш туткандыктан, мамлекеттин аскердик кудурети басандап, күчтөр бөлүнүп кетет, мунун натыйжасында анын кошууну жеңилип калат. Шахтын өзү Каспий деңизиндеги аралдардын бирине барып жан сактоого аргасыз болот.

Аёосуз салгылашууларда катыша албастыгын сезген Харезмшах тун уулу Жалалиддинди өзүнүн ордуна валиахд – тактын мурасчысы кылып дайындайт. Март жана баатыр Жалалиддин өзүнүн инилери жана 70 аттуу жоокери менен жоонун куршоосунда калган Харезмдин байыркы борбору – эски Гүргенчке кирип келет. Аны көрүп, калайык калктын руху көтөрүлө түшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жалалиддин Гүргенч менен Хорасандын ортосундагы чөлдө өзүнүн 70 жоокери менен душмандын 700 кишилик кошуунуна туш келет жана алардын тыптыйпылын чыгарып, азыркы Ооганстандын аймагындагы Газни шаарын көздөй чегинет. Чыңгызхан анын артынан 45 миң кишилик кошуун жиберет. Жалалиддиндин катарына дагы патриот жигиттер, ыктыярдуулар келип кошулат. Парван деген жерде экөөсүнүн ортосунда чечкиндүү салгылашуу жүрөт. Жалалиддиндин кошууну өзүнөн бир нече эсе көп болгон, мыкты куралданган душман үстүнөн жеңишке жетишет.



**Үргөнчтөгү Жалалиддин Мангуберди айкели**

Ошондон кийин Чыңгызхан бул жеңилбес кол башчы менен өзү согушмак болот. Синд, б. а. Инди дарыясынын боюндагы салгылашуу деген наам менен тарыхта калган бул кагылышуу 1221-жылдын 24-ноябрында болуп өтөт. Чыңгызхан сан жеткис аскери менен кара куюндай бастырып келүүдө. Бирок жаш кол башчы өзүн жоготпой, баатырларча согушка кирет. Душман анын оң жана сол капталындагы күчтөрүн жарып өтөт. Жалалиддин болгону 70 ирделген аскери менен ортодо калып кетет. Ал жолборс сыяктанып кээде оңго, кээде солго чабуул коюп, жоонун жоокерлерин жер менен жексен кылат. Анын айланасын куршап алган алкак сымал жоо барган сайын кысымга алып келе берет.

Айтымдарга караганда, ошол учурда эр жүрөк Маверауннахр перзентинин рухун сындыруу үчүн Чыңгызхан анын 7–8 жаштагы уулун кармап келип өлтүртөт. Жалалиддин душмандын ко-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

луна түшпөстүк үчүн акыркы секундаларда үй-бүлөсүнө келип, перзенттери менен коштошот. Кийин дагы жоого чабуул коюп, аларды чегинүүгө аргасыз кылат жана дарыянын жээгине барып, айкырып агып жаткан дарыяга ат салат жана андан сүзүп өтүп кетет. Ошол замат жээкке жетип келген Чыңгызхан анын күч-кайратына таң калат жана уулдарына карай мындай дейт: «Чыныгы атуул деген мына ушундай болууга тийиш».

Жалалиддин Мангубердиге мынчалык дем берген күч Мекен сезими, эл-журтка болгон сүйүү, элдин ага болгон ишеними эле. Он эки жылдык өмүрүн үзгүлтүксүз согуштарда өткөргөн бул улуу кол башчы өмүрүнүн соңку секундаларына чейин өзүнө болгон ишенимин жоготкон жок. Ошол себептүү анын азаттык жолундагы иш-аракети уламыш жана рабаяттарга, ыйык ысымы болсо баатырлыктын символуна айланды. Мамлекетибизде «Жалалиддин Мангуберди» ордени бекитилген. Бүгүнкү күндө жогорку патриоттук сапаттары менен эл-журттун урматына татыктуу болгон жердештерибиз мына ушул орден менен сыйланат.

1999-жылы Жалолиддин Мангубердинин 800 жылдыгы өлкөбүздө кеңири белгиленди. Харезм облусунун борбору Үргөнч шаарында анын чоң айкели курулду.

## ? *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Патриоттук адамдын кандай аракеттеринде көрүнөт?
2. Патриоттук сезими качан сапатка айланат?
3. Бул сезим кандайча тарбияланат?
4. Патриот ата-бабаларыбыз жөнүндө сүйлөп бер.
5. Төмөнкү айкелдерде кайсы улуу ата-бабаларыбыздын бейнелери чагылдырылган?


1



2


3


4



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Практикалык көнүгүү*

# ӨЗБЕКСТАНДЫН ЧЫНЫГЫ ПЕРЗЕНТТЕРИ

Адам баласында руханий эр жүрөктүүлүк сезими болот. Мына ошол сезим анын тулку-боюн кыймылга келтирип, каармандыкка үндөйт.

**«Элибиз ар дайым руханий эр жүрөктүүлүк сезими менен жашап келген жана бул улуу сезим анын жашоосунда жылдар, кылымдар өткөнү сайын күчөп, өнүгүп келүүдө»[1].**



Журтубуздун бүгүнкү күндөгү патриот перзенттери жөнүндө көп сүйлөөгө жана мисалдар келтирүүгө болот. Анткени биздин көз карандысыздыкка жетишкенибиздин өзү руханий эрдик болгону сыяктуу эгемендүүлүк жылдарындагы бардык жетишкендиктерибиз да ири руханий эрдиктин натыйжасы саналат.

Мындан мамлекет башчысынын патриоттук сапаттары эл үчүн, улут үчүн үлгү мектеби болуп гана калбастан, ошондой эле көздөлгөн изги максаттарга жетишүүнүн чечүүчү фактору да саналат, деген тыянак чыгарууга болот.

Учурда өлкөбүздө миңдеген патриот жаштар жетишип чыгууда. Айныкса, Мекенибиздин чек араларын террорчу топтордон коргоодо эрдик көрсөтүп, баатырларча курман болгон жигиттердин эрдигин эл-журт эч качан унутпайт. Бул

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 169-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эрдик жаштарыбыздын ата-бабаларыбызга мүнөздүү патриоттук салттарын берилгендик менен улантып жаткандыгы, ата журт, анын тынчтыгы, элибиздин бейпил турмушу бүгүнкү кырчын курактагы муун үчүн да эң ыйык баалуулук болуп саналарын көрсөттү. Махмуджан Жалилов, Алишер Салимов, Бабуржан Ганиев, Сайяр Саъдинов, Гафуржан Ражабов, Маъруфжан Ражабов, Эламан Атажанов, Абдухалим Ташкулов, Жунус Ахунов, Улукбек Барнаев, Данияр Тажибаев, Кахраман Мадалимов сыяктуу жаш жоокер жана офицерлердин ысымдары Мекенди коргоо жолунда курман болгон каарман ата-бабаларыбыздын катарынан орун алды. Бул жигиттердин көпчүлүгү али жашоонун кумарына канбаган, дүйнөнүн жакшы жактарынан оозанып үлгүрбөгөн эле. Бирок алар өлкөбүздүн эгемендүүлүгүн, элибиздин тынчтыгын бардык нерседен кымбат билип, өздөрүн ошол жогорку максат жолунда курман чалышты.

Лейтенант Бабур Ганиевдин апасы Мунаввар эненин чек араларыбызды коргоодо курман болгон уулу жөнүндө сүйлөгөн сөздөрү перзентинен эрте айрылган ата-энелердин жүрөгүндөгү Мекенге болгон сүйүүнүн белгиси саналат.

**«Уулумдун өмүрү текке кеткен жок. Мен ага берген ак сүтүмө ыраазымын. Анткени балам көчө-көйдө бейбаштык кылып, бирөө менен мушташып дүйнөдөн кайткан жок. Ал Мекенин, элин коргоо мезгилинде курман болду»[1].**





[1] «Vatan fidoyilari». —Т.: «Ma'naviyat», 2000-жыл, 10—11-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүгүнкү күндө илим, маданият жана спорт жааттарында абройлуу мелдештер, кароо-сынактар жана фестивалдарда татыктуу катышып, журтубуздун туусун бийик көтөрүп жаткан жаштар да чыныгы патриоттор саналат. Ошондой эле, окууда, иште, аскердик кызматта, үй-бүлө куруууда башкаларга үлгү болуп жаткан жаштарды да алардын катарына кошууга болот.

**«Ар күнү, ар саатта өзүн элге арноо, өзүн тамчыма-тамчы, бөлүкчөмө-бөлүкчө улуу максаттарды көздөй чалыкпай, талыкпай тынымсыз багыттап баруу, мына ушул касиетти ар дайым жашоонун күндөлүк критерийине айландыруу — чыныгы каармандык өзү мына ушул»[1].**

Патриоттук сезимин тарбиялоодо көп окуу, кыштак жана маалланин турмушунда активдүү катышуу, маракелерде жана жыйындарда катышуу, адамдар менен мамиле жасоо, аларды үйрөнүү да чоң мааниге ээ. Анткени адам баласы ошолор аркылуу өз журтун дагы да жакшыраак билип алат, ага болгон сүйүүсү ашат. Ошондой эле, саякат кылуу, Мекендин шаар жана кыштактарын үйрөнүү, дүйнө кезүү да адамга көптөгөн түшүнүктөрдү берет, анын жүрөгүн тазартат, түшүнүктөрүн кеңитет. Элибиз «Жүргөн — дарыя, отурган — бойро», — деп текке айтпаган. Өзүң элестетип көрчү, чакан гана бойро менен канчалаган шаар-кыштактарды, өрөөндөрдү аралай аккан дарыяны салыштырууга болобу? Албетте, дарыядай ташып, айкырып жашоо адам баласынын зоболосун көтөрөт.

**«Ата журтка, туулган жерге берилгендик менен, кимдин урпагы экендигин эстен чыгарбай, турмушта анык максат жана ишеним менен жашаган аскер адам Куралдуу Күчтөрүбүздүн эң ишенимдүү таянычы жана тиреги, байлыгы, десек, эч кандай ката болбойт»[2].**

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 165-бет.

[2] **Ислам Каримов**. Vatanga qasamyod, mardlik va jasorat madhiyasi. —T.: «O'zbekiston» басма үйү, 2010-жыл, 6-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Патриоттук адам баласын канчалык улууласа, Мекенге чыккынчылык кылуу аны ошончолук кордукка салат. Мекенге чыккынчылык кылуу атага, энеге чыккынчылык кылганга тете. Дүйнө дүйнө болуп жаралгандан бери, өзүнүн элине жана журтуна чыккынчылык кылган адамдын иши оңунан келгенин али эч ким көргөн эмес.

**Мекен бар экен, патриоттук эң жогорку сапаттардан бири болуп кала берет жана мындай наамга татыктуу перзенттер да улгая берет.**

Патриоттук боюнча эң мурда Мекендин өзү улуу тарбиячы болуп саналат. Анын берешен топурагы, кайталангыс табигаты, бири-биринен кооз шаар жана кыштактары, даңктуу тарыхы, бай маданияты, ариеттүү, мээнеткеч жана карапайым адамдары, ата-бабалардын руху, жаңы муундардын бакыты – бардыгы адам баласын өзү туулган жерге байлап турат, ошол топурактын эр жүрөк жана күйөрман перзенти болууга чакырат.

Өзбекстаныбыз – мына ушундай тендешсиз өлкө. Демек, биз үчүн ага ылайык перзент болуудан ашкан бакыт-таалай жок.

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Журтубуздун бүгүнкү күндөгү патриот перзенттери жөнүндө сөз болгондо эң мурда кимди тилге алабыз?
2. Сүрөттөргө карап, түрдүү тармактардагы патриот жаштар жөнүндө сүйлөп бер.




3. Белгилүү спортчу жаштардан кимдерди билесиң?
4. Сен классташтарыңдан кимдерди чыныгы патриот деп эсептейсиң жана эмне үчүн?
5. Келечекте ким болмокчусуң жана Мекенибизге кандай кызмат кылмакчысың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКЕНДИН ЗОБОЛОСУН КӨТӨРҮҮ

Кымбаттуу окуучу, Ата Мекенибиз төрөлгөн күнүбүздөн баштап бизге бар мээримин берет. Анын кучагында эсен-соо өсүп-улгайышыбыз үчүн бардык шарттарды түзөт. Убактысы келип, биз жеткилең адам болгонубузда Мекен алдындагы карызыбызды үзүү, ага берилгендик менен кызмат кылуу негизги милдетибизге айланат.

**Жаштар бардык доорлордо улуттун тиреги, элдин таянычы болуп келген.**

Элибиз «Жаштар – Мекендин келечеги» дейт. Өзүнүн келечегин ойлогон ар кандай мамлекет эң оболу жаштардын тарбиясына көңүл бурат. Япония мамлекети Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилип, аябай чон зыян тарткан. Хиросима жана Нагасаки шаарларына ташталган атом бомбасы келтирген кырсыктын натыйжалары азырга чейин бул өлкөнүн адамдарын тынч койбойт. Ошондой оор жана татаал абалга түшүп калганына карабай, бул мамлекет согуштан кийин жаштардын тарбиясына өзгөчө көңүл бурду. Биринчи кезекте билим берүү системасы реформа кылынды. Мунун натыйжасында жаштар эң заманбап билимдерди ээлеп, өлкөсүн дүйнөдөгү алдыңкы орундарга алып чыкты. Миллиондогон патриот жаштардын күч-кайраты жана кужурмөндүгү менен бүгүнкү күндө Япония дүйнөдөгү эң кудуреттүү мамлекеттердин бирине айланды.

Же өлкөбүз тарыхынын өткөн кылым баштарына көңүл буралы. Ошол учурда жүрөгү жана аң-сезими билим менен толгон өлкөбүздүн жаштары өнүгүү идеяларын ортого таштап, газета-журналдарды басмадан чыгаруу, мектептер ачуу, театр тамашала-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Абдулла Авланий**

рын сахналаштыруу, кайрымдуулук коомдорун уюштуруу сыяктуу изги иштер менен алектенишкен. Алсак, Махмуткожо Бехбудий, Абдулхамид Чолпон, Абдулла Кадырий, Абдулла Авланий сыяктуу патриот бабаларыбыз алгачкы чыгармаларын жазып, агартуучулук ишкердигин башташканда жаш өспүрүмдөр эле. Бирок, тилекке каршы, советтик түзүлүш алардын мындай аракеттерине жол берbеди. Алардын көпчүлүгү түзүлүштүн айынан курман болушту, бирок алардын изги иштери эгемендүүлүк жылдарында кайра калыбына келтирилди жана улантылууда. Мисалы, алар негиз салган улуттук театр – бүгүнкү Өзбек улуттук академиялык драма театрынын 100 жылдык юбилейи 2014-жылы өлкөбүздө кеңири белгиленди.

Тарыхтын мына ушундай сабактарын эсепке алган түрдө, бүгүнкү күндө өлкөбүздө жаштардын тарбиясына өзгөчө көңүл бурулуп жатат.



**«Бул жөнүндө ой жүгүрткөндө, мен Абдулла Авланийнин «Тарбия биз үчүн же жашоо – же өлүм, же жардам – же кырсык, же бакыт – же балакет маселеси болуп саналат» деген терең маанилүү сөздөрүн эскерем. Улуу агартуучу бабабыздын бул сөздөрү өткөн кылымдын баштарында улутубуз үчүн канчалык маанилүү жана актуалдуу болгон болсо, азыркы учурда да биз үчүн ошончолук, ал тургай андан да маанилүү жана актуалдуу роль ойнойт»[1].**

Бүгүнкү күндө журтубуз, элибиздин алдында турган жогорку максаттарга жетүү үчүн мамлекетибизде жаш муундун ар тараптан жеткилең болушуна кызмат кыла турган социалдык систе-

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 62-бет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Агартуу борбору**

ма иштеп чыгылган. Бул системанын мыйзамдык негизин 1997-жылы кабыл алынган Кадрлар даярдоонун улуттук программасы, «Билим берүү жөнүндө»гү мыйзам, 2004-жылы кабыл алынган Мектепте билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жалпы улуттук программасы, сак-саламат муунду эресеге жеткирүү маселелери боюнча Президенттин көптөгөн указдары, Министрлер Кабинетинин токтомдору, мамлекеттик программалар түзөт.

Айныкса, Кадрлар даярдоонун улуттук программасы боюнча өлкөбүздө билим берүүнүн таптакыр жаңы системасы киргизилди. Ал 12 жылдык милдеттүү билим алууну көздө тутат. Башкача айтканда, өлкөбүздүн балдары баштап 9 жылдык жалпы билим берүүчү мектептерде окушат, аны аяктагандан кийин үч жылдык атайын орто билим берүү баскычында – өзүнүн каалоосу жана кызыгышына карай, академиялык лицей же өнөр-кесип колледждеринде билим алат. Бул болсо силер сыяктуу жаштар үчүн заманбап билим алууда, өнөр-кесип, чет тилдерин үйрөнүүдө чоңчоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратууда.

Билим берүүнүн жаңы системасы боюнча жогорку билим берүү эки баскычтан – бакалавриат жана магистратурадан турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









Эгемендүүлүк жылдарында өлкөбүздө ачылган жаңы университеттер, жогорку окуу жайлары жана окуу борборлору да өлкөбүздө калыптанган жаңы билим берүү системасынын мүмкүнчүлүктөрүнөн күбөлүк берет.

Эң маанилүү жери, бул система сендей жаштардын эркин билим алышы, сак-саламат жана ар тараптан жеткилең болуп эресеге жетиши үчүн кызмат кылууда.

Бирок бүгүнкү күндө Мекенибиздин келечегин көрө албаган, анын өнүккөн мамлекеттер катарынан орун алышын каалабаган күчтөр да табылат. Алар эң оболу өлкөбүздүн келечегин белгилеген сендей жаш муунду өз таасирине өткөрмөкчү, ошентип мамлекетибиздин келечегине кол салмакчы болушат. Мындай коопсаноого эл аралык террорчулук жана экстремизм, диний фанатизм, түрдүүчө зыяндуу идеологиялык агымдар, ахлаксыздык, «маасалык маданият» беткабы астындагы жасалма маданияттын үлгүлөрү, бангилик, ичкиликке берилгендик, тамеки чегүүчүлүк сыяктуу илдеттер кирет.

Азыркы күндө жаштардын жолуна тоскоол болуп жаткан терс жагдайларга каршы күрөшүүнүн эң натыйжалуу жолу – билим жана агартуу саналат. Ошондуктан өлкөбүздө билим берүүнүн сапатын жакшыртууга, жаштарды руханий-агартуу жагынан жеткилең кылып тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулууда. Анткени дүйнө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



март жана күчтүү, өзүнүн таланты, билими жана тажрыйбасына таянып жашаган адамдарды гана тааныйт жана урматтайт. Ошондой деңгээлге жетүү үчүн тынымсыз окуп-үйрөнүү, ден соолук жагынан да, руханий жактан да күчтүү болуу керек.

Сен эл аралык спорттук олимпиадаларды, башка абройлуу мелдештерди көргөнсүңбү? Аларда кайсы мамлекеттин туусу көбүрөөк көтөрүлүп, мамлекеттик гимни көбүрөөк жаңырат? Кайсы мамлекеттин спортчу жаштары көбүрөөк алтын медалдарга ээ болсо!

Ушунун өзү эле марттары, күчтүү перзенттери көп өлкөнү бүткүл дүйнө таанышын жана урмат кылышын көрсөтөт.

Кымбаттуу окуучу, эгемендүү Мекенибиздин зоболосун көтөрүү үчүн бардыгыбыз, эң оболу, өзүбүздүн перзенттик милдетибизди чын жүрөктөн аткарууга тийишпиз. Кесибибизди мыкты ээлеп, чыныгы эмгегибиз менен ата журтубуздун өнүгүп-өсүшүнө салым кошушубуз керек. Сен таланты жана чебердиги менен мамлекетибиздин атагын дүйнөгө жаюуга кызмат кылып жаткан жаштарыбыз жөнүндө телевидение, радио жана газеталар аркылуу кабар тапсаң керек.

Айныкса, эл аралык категориядагы судья, «O‘zbekiston iftixori» деген наамдын ээси Равшан Ирматов, оор атлетика боюнча дүйнө чемпиону Руслан Нуриддинов, шахмат боюнча эл аралык гроссмейстер Нафиса Моминова сыяктуу ага жана эжелериндин спорт жаатындагы ишмердигинен өрнөк алып, алар сыяктуу Мекенибизди өз талантыңар менен дүйнөгө таанытууга умтулуп жашоо силер үчүн да негизги максат болууга тийиш.

Адам баласы үчүн киндик каны тамган сүйүктүү өлкөдө жашоо канчалык чоң бакыт болсо, анын келечегин куруудa катышуу да ошончолук чоң бакыт эсептелет. Сенин мойнунда да мына ошондой жоопту милдет бар экендигин эч качан унутпа.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1. Эмне үчүн жаштар – Мекендин келечеги, дейбиз?
2. Өз өлкөсүнүн келечегин жаратуучусу болуу үчүн жаштар кандай сапаттарга ээ болууга тийиш?
3. Дүйнө кимди тааныйт жана урмат кылат?
4. Өлкөбүздүн атагын дүйнөгө жаюуга татыктуу салым кошуп жаткан жаштардан кимдерди билесиң?
5. Төмөнкү сүрөттөрдөгү адамдарды тааныйсыңбы? Алар кайсы тармактардагы ийгиликтери менен бизге үлгү болушууда?


1


2


3


4

### «Биз эч кимден кем болбойбуз» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар


1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 94–96-беттер.
2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 13–16-беттер.
3. Ma'naviy yuksalish yo'lida. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2008-жыл, 16–20-беттер.
4. XXI asr: istiqbolimiz timsollari. Ташкент, «O'zbekiston» басма үйү, 2001-жыл.
5. Ыкбал Мырза. Agar jannat ko'kda bo'lsa... Ташкент, «Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын башкы редакциясы, 2010-жыл, 5–8-беттер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕН ТАРБИЯНЫН ШАЙКЕШТИГИ

Кымбаттуу мекендеш, ар кандай журттун күч-кудурети эң оболу ошол жерде жашаган эл жана анын перзенттеринин ден соолугунан түздөн-түз көз каранды.

*Адамдын денеси өзүнүн милдетин толук аткаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болсо, ага саламаттык дейбиз. Саламаттык эки түрдүү болот. Биринчиси — дени соолук, экинчиси болсо — руханий жеткилеңдик.*

Эгерде адамдын денеси да, руху да соо болсо, толук кандуу адам эсептелет жана ал жеткилең инсанга айланышы мүмкүн. Ал үчүн адам баласы денесин да, руханиятын да үзгүлтүксүз түрдө чыңдап, тарбиялап барууга тийиш. Мындай өнүгүү-өсүү процесси өмүр бою улантылат.

*Өзүнөн канааттанбастан, ар дайым алдыга, өнүгүүнү карай умтулган адамга жеткилең деп айтууга болот.*

Демек, жеткилең инсан боломун деген адам дайыма алга карай умтулуп жашоого тийиш. Бул жерде анын кандай кесиптин, кандай көз караштын же таланттын ээси экендиги роль ойнобойт. Өзү жөнөкөй чабан же куруучу болуп туруп, өзүнүн кесиби, адал эмгеги менен атак-даңкка ээ болгон адамдар арабызда көп. Же дүйнөлүк деңгээлде көркөм өнөр, илим-билим, спорт жаатында улуу ачылыштар жасаган адамдарды эстеп көрөлү. Алар ар бири түрдүү улут жана кесиптерге таандык. Бирок мындай жагдай алардын инсандык жеткилеңдигине тоскоол болбойт, тескерисинче, жардам бериши мүмкүн.

Айныкса, адамдын Мекенине жана элине болгон сүйүүсү ишеним деңгээлине көтөрүлсө, анда анын касиеттери дагы да ашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жеткилендик деңгээлине жеткен адамдар аркылуу алар таандык болгон эл менен Мекен гана эмес, ошондой эле жалпы адамзатка мүнөздүү эң жакшы сапаттар көрүнөт. Мисалы, Сократ, Алишер Навоий, Шекспир, Махатма Ганди сыяктуу генийлер да өз элинин да, жалпы адамзаттын да чыныгы перзенттери саналат. Анткени алар аркылуу бүткүл адамзат өзү эңсеген касиеттерди көрөт.

**Демек, адам баласы эл-журтуна, адамзатка канчалык көп пайдасын тийгизсе, ал ошончолук жеткилең болуп бара берет.**

Адамдын денеси менен рухияты бири-биринен түздөн-түз көз каранды болгондуктан, денедеги кемчилик рухиятка, ал эми рухияттагы кемчилик болсо денеге өз таасирин тийгизип турат. Ошондуктан ата-бабаларыбыз бата бергенде, «Дени-башың соо болсун», деп тилек билдиришкен.

Дене менен рухтун шайкештиги билим берүү менен тарбия ишин бир бүтүн түрдө шайкеш алып барууну талап кылат.

**«Билим берүүнү тарбиядан, тарбияны болсо билим берүүдөн ажыратууга болбойт — бул чыгышка мүнөздүү көз караш, чыгышка мүнөздүү турмуштук философия»[1].**

Кээде ар тараптан соо төрөлгөн адам туура эмес тарбиянын натыйжасында денеси жактан да, рухий жактан да майып болуп калышы мүмкүн.

**Дененин оорусу дене мүчөлөрүнүн түрдүү ооруларга чалдыгышында көрүнсө, рухтун илдети адамдын калпычылык, жалкоолук, кайдыгерлик, түркөйлүк, текебердик сыяктуу жаман адаттарында көрүнөт.**

**Дене да, рух да үзгүлтүксүз тарбияга муктаж. Ошол себептүү адам баласынын дени соо жана жеткилең болуп өнүгүшүндө тарбия башкы критерий болуп эсептелет.**

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 61—62-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Дени соо перзент – коомдун баа жеткис байлыгы. Анткени адамдын дени соо болсо гана таланты, акыл-эси жана кайраты менен Мекенине кызмат кыла алат. Ошондуктан келечегин ойлогон коом жаш муундун ден соолугу жана руханий жеткилендиги жөнүндө кам көрөт. Бирок адам эресеге жетип, өз алдынча турмушка кадам койгондон кийин, өз тагдыры жөнүндө өзү ойлонууга, рухий жана дене тарбиясын жашоо мүнөзүнө айландырууга тийиш.

**Дене менен дилди таза сактоо, спорт менен машыгып, аны чыңдоо, өз убагында иштеп, өз убагында эс алуу, үзгүлтүксүз түрдө медициналык кароодон өтүп туруу, көркөм өнөр жана маданият каражаттары аркылуу рухиятын, аң-сезимин байытуу, жаман иштерден тыйылып, жакшы иштерге баш кошуу – булардын бардыгы өзүн-өзү тарбиялоого кирет. Ошондойчо адам баласы туура жашоо мүнөзүнө, жеткилендикке жакындашып отурат.**

*Туура жашоо мүнөзү деп, зыяндуу адаттардан тыйылып, илим-билим, руханият жана спорттун жардамында өзүн-өзү тарбиялап барган, адам, үй-бүлө жана коомдун өнүгүшүнө кызмат кылган жашоо мүнөзүнө айтылат.*

Адам баласы өзүн-өзү тарбиялашы үчүн анда күчтүү эрк болууга тийиш. Өзүнүн кесиби, таланты менен чоң-чоң натыйжа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ларга жетишкен адамдардын турмушуна назар салсак, алардын ишмердигинде күчтүү эрк чечүүчү роль ойногонун көрөбүз.

Айныкса, спортчулардын түрдүү мелдештерде марттык жана эрдик көрсөтүшкөнүн көп көргөнбүз. Мисалы, белгилүү өзбек боксчусу Руфат Рыскиевдин 1974-жылы Кубада болуп өткөн дүйнөлүк биринчиликте көрсөткөн эрдиги айныкса эсте каларлуу. Ошондо эр жүрөк спортчубуз жарым финалдык таймашта катуу жабыркайт жана бир колу оор жабыркаган абалда финалдык оюнда катышат. Руфат Рыскиев журтунун, элинин ар-намысын ойлоп, чыдамкайлык менен мелдешти улантат жана аябагандай күчтүү атаандашын жеңип чыгат.

Руфат Рыскиев ошентип өзбек боксчуларынан биринчи болуп дүйнөлүк чемпион деген жогорку наамга татыктуу болот.

Мындай эрк, изги сапаттар бизге ата-бабаларыбыздан мурас болуп келүүдө. Тарыхый китептерде жазылышынча, бир жолку салгылашууда Амир Темур бабабыздын буту менен колуна ок жаңылып, ал оор жарадар болот. Ошого карабастан, согуш майданын таштап кетпейт. Тескерисинче, жоокерлеринин рухун көтөрүп, жоого каршы баатырларча чабуул баштайт жана натыйжада өзүнүн жоокерлери менен жоонун үстүнөн жеңишке жетишет.

Зор эрктин, чоң эрдиктин үлгүсүн биз дагы бир эр жүрөк бабабыз Бабур Мырзанын өмүрү мисалында да көрүшүбүз мүмкүн. Ал улуу инсандын өмүр китеби саналган «Бабурнаама» аттуу чыгармасын окусаң, ал 12 жашынан – Андижандын тактынээлегенден баштап өмүрүнүн соңку минуттарына чейин чечкиндүү өмүр кечиргендигине ишеним пайда кыласың. Бабур Мырза, Шайбанийхандын куугунтугунан качып, Кожент тоолорунда жүргөн кездеринде, ызгаардуу кыш мезгилинде дарыянын суусуна бир нече жолу чумкуп чыгат. Бул жөнүндө эр жүрөк бабабыздын өзүнөн уккан оң: **«Ал аябай суук болгондуктан, эки-үч адам сууктун айынан өлгөн болчу... Бир арык суусунун жээктерине калың муз тоңгон эле, ал эми ортосу суунун ылдамдыгынан тоңбогон эле, ошол сууга түшүп, гусл кылдым[1]. Он алты жолу сууга чумкудум. Суунун муздактыгы кыйла таасир кылды»**.

[1] **Гусл кылдым** – бүткүл денемди жуудум.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Адамдар кийимге оронсо да сууктан каза таап жаткан бир мезгилде муздак сууга он алты жолу чумкуп чыгуу оңойбу? Ал үчүн адамдын денеси өтө күчтүү жана бакубат болушу менен бирге, анын эрки бекем болушу керек, албетте.

Чындап эле, тагдырдын ар кандай сыноолоруна чыдап, аларды коркпой жеңип өтүүнү, жогорку адамдык сапттарды көрсөтүүнү ата-бабаларыбыз турмуш сыноолоруна даяр туруунун негизги шарты деп эсептешкен. «Алпамыш» дастанынын башкы каарманы Акимбек – Алпамыш өзүнүн максатына жеткенге чейин канча сыноо жана кыйынчылыктарга туш келет. Бирок ал эч качан үмүтсүздөнбөйт. Анткени ал өз күчү жана мүмкүнчүлүктөрүнө, эркине катуу ишенет. Ошондуктан акырында токсон алпты жеңип чыгып, сулуу Барчынайды өзүнүн элине алып кетет.

Бүгүнкү күндө журтубузда сендей жаштардын дени соо жана жеткилең болуп эресеге жетиши үчүн көптөгөн иштер кылынууда. Өлкөбүздө эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан эле Президентибиздин демилгеси менен «Sog‘lom avlod uchun» эл аралык кайрымдуулук фонду, ошол аталышта журнал түзүлдү. Мекенибиздин биринчи жогорку ордени да «Sog‘lom avlod uchun» деп аталат. Өлкөбүздө энелер менен балдардын ден соолугун чыңдоо, спорт жана дене тарбияны өнүктүрүү үчүн заманбап саламатташтыруу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



комплекстери, ооруканалар, спорттук аянттар курулууда. Айныкса, өзүндө «Umid nihollari», «Barkamol avlod», «Universiada» мелдештерин камтыган үч этаптуу бүтүн системанын калыптангандыгы дүйнөдөгү башка өлкөлөрдө кездешпеген окуя саналат.

Өлкөбүздө 2000-жылдын «Sog'lom avlod yili», 2001-жылдын «Ona va bola yili», 2008-жылдын «Yoshlar yili», 2010-жылдын «Barkamol avlod yili», 2014-жылдын болсо «Sog'lom bola yili» деп жарыяланып, атайын мамлекеттик программалардын негизинде аябай чоң иштердин аткарылышы да сен өңдүү жаш муун өкүлдөрү жөнүндө кам көргөндүктүн зор белгиси саналат.

Өлкөбүздүн жаштары мындай кам көрүүдөн шыктанып, түрдүү тармактарда баштапкы кубанычтуу ийгиликтерге жетишүүдө. Мисалы, 2014-жылы 10 окуучу ири эл аралык жана музыка фестивалдарында «gran-pri» деп аталган эң жогорку сыйлыкка ээ болуп, 60 окуучу биринчи орунду ээледи. Кытай Эл Республикасынын Нанкин шаарында өткөрүлгөн өспүрүмдөр олимпиадасында 28 жаш спортчубуз 4 алтын, 3 күмүш, 3 коло, бардыгы болуп 10 медалдын ээси болушту. Түштүк Кореянын Инчеон шаарында өткөрүлгөн Азия оюндарында болсо Өзбекстандын өкүлдөрү 9 алтын, 14 күмүш, 21 коло, бардыгы болуп 44 медалга ээ болушту.

Кымбаттуу окуучу, бул окуу китебинде Президентибиз Ислам Каримовдун «Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch» китебине бат-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бат кайрылганыбыз текке эмес. Бул китеп сен өндүү жаш муун өкүлдөрү үчүн жазылганын унутпа. Улгайып, чоңойгонуңа бул китепти өзүң өз алдынча окуп-үйрөнүп, анда баяндалган ой-пикирлердин маани-маңызын дагы да тереңирээк түшүнүп аласың, деп ишенебиз.

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. Кандай адамга дени соо дейбиз?
2. Жеткилең адам болуу үчүн эмне кылуу керек?
3. Кандай адамга жеткилең деп айтууга болот?
4. Билим берүү менен тарбияны эмне үчүн бирин-биринен ажыратууга болбойт?
5. Төмөнкү сүрөттөрдөгү машыгуулардын кайсы бири денени, кайсы бири рухиятты тарбиялоого кызмат кылат?




6. Өзүн-өзү тарбиялоо дегенде эмнени түшүнөсүң?
7. Белгилүү боксчу Руфат Рискиев кантип дүйнө чемпиону болду?
8. Улуу ата-бабаларыбыздын эрдиктери жөнүндө эмнелерди билесиң?
9. Президентибиз Ислам Каримовдун «Yuksak руханият – yengilmas kuch» китеби кимдерге арнап жазылган?

**«Жаштар — Мекендин келечеги» темасындагы практикалык көнүгүү үчүн адабияттар**

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент, «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 60–64-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент, Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынын басма үйү, 2010-жыл, 126–130-беттер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАЙТАЛОО

## «МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА РУХАНИЙ ТУРМУШ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Руханият дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Адамзат кандай керектөөлөр менен тирүү?
3. Жалаң материалдык же руханий умтулуу менен жашоого болобу?
4. Президентибиз материалдык жана руханий дүйнөнү эмнеге салыштырат?
5. Павел Третьяков материалдык байлыгын эмнеге сарптаган?
6. Альфред Нобелчи?
7. Алишер Навоий менчик каражаттарынын эсебинен кандай иштер жасаган?
8. Төмөнкү сүрөттөрдүн кайсы биринде руханий байлыктар чагылдырылган?


1


2


3


4

### ТЕСТТЕР

**1. Руханият кайсы сөздөрдүн көптүктөгү формасы?**

A) «музыка», «окуу»
B) «рухий», «рухият»
C) «идеология», «агартуу»
D) «маданият»

**2. Өзүнүн каражаттарын изги иштерге сарптаган улуу ойчул акын ким?**

A) Мукимий
B) Завкий
C) Гулханий
D) Алишер Навоий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Материалдык жана руханий дүйнөнү эмнеге салыштырууга болот?**


A) Эки параллель сызыкка
B) Көктөгү куштун кош канатына
C) Эки колдун биригишине
D) Эки өзөндүн кошулушуна

**4. Пахлаван Макмут ким болуп таанылган?**

A) Улуу ырчы болуп
B) Уста кол өнөрчү болуп
C) Чебер архитектор болуп
D) Чебер күрөшчү болуп

## «ОТТО КҮЙБӨС МУРАС» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Руханий байлыктын артыкчылыгы эмнеде?
2. Кайсы китеп он эки миң бодо малдын терисине жазылган?
3. «Авесто» китеби, өрттөлсө да, эмне үчүн таптакыр жок болуп кетпеди?
4. Илимге умтулган эл материалдык байлыктарын эмнеге сарптайт?
5. Миң жылда бир төрөлчү окумуштуу деп мүнөздөлгөн залкар бабабыз ким?
6. Ибн Синанын эң ири чыгармасы кайсы?
7. Төмөнкү китептердин авторлору кайсы залкар бабаларыбыз экендигин айт.




## ТЕСТТЕР

**1. Руханий байлыктын артыкчылыгы эмнеде?**

A) Көп жер ээлебейт
B) Отто күйбөйт, суудა чөкпөйт
C) Сакчы керек эмес
D) Бузулбайт, айныбайт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Илимге умтулган элдер материалдык байлыктарын сарптаган тармак кайсы?**

A) Курулуш
B) Руханият
C) Соода
D) Кол өнөрчүлүк

**3. Ибн Синанын эң ири чыгармасы кайсы сапта туура көрсөтүлгөн?**

A) «Бухаранын тарыхы»
B) «Метафизика»
C) «Медицинанын канондору»
D) «Билимдүү адамдар шаары»

**4. Алишер Навоий чыгармаларында колдонгон сөздөрдүн саны канча?**

A) 21 миң 193
B) 26 миң 35
C) 20 минден ашуун
D) 80 миң

## «УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРЫБЫЗ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Баалуулук сөзү кандай маанини билдирет?
2. Улуттук баалуулуктар кандай калыптанат жана өркүндөйт?
3. Нооруз майрамы эмненин кайталангыс жышааны болуп келүүдө?
4. Улуттун өзү менен бирге калыптанган, анын негизги белгиси болгон кандай баалуулукту билесиң?
5. Улуттук баалуулуктар качан өнүгөт?
6. Төмөнкү сүрөттөрдө кандай үрп-адат жана баалуулуктарыбыз чагылдырылган?


1


2


3


4

## ТЕСТТЕР

**1. Баалуулук сөзү кайсы сөздөн алынган?**

A) Кадырлуу
B) Баалуу
C) Сарай
D) Каар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Улуттун өзү менен бирге калыптанган баалуулук кайсы?**

A) Майрамдар
B) Дин
C) Тил
D) Маданият

**3. Советтик бийликтин тушунда улуттук баалуулуктарыбыз кандай абалда эле?**

A) Тыюу салынды
B) Өнүктү
C) Байыды
D) Кайра калыбына келди

**4. 21-март күнү кирип келчү майрамыбыз кайсы?**

A) Конституция күнү
B) Мекен коргоочулары күнү
C) Нооруз
D) Эгемендүүлүк күнү

## «ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Жалпы адамзаттык баалуулуктар деп эмнеге айтылат?
2. Зороастризм кандай окуу?
3. Буддавийликке ким негиз салган?
4. Тилибиздеги башка тилдерге өзүндөй которуп болбой турган кандай сөздөрдү билесиң?
5. Нооруз майрамынын негизинде кандай жалпы адамзаттык ойтилектер жатат?
5. Сүрөттөрдө кандай баалуулуктарыбыз чагылдырылган?




## ТЕСТТЕР

**1. Кандай баалуулуктарга жалпы адамзаттык баалуулуктар дейилет?**

A) Заманбап баалуулуктар
B) Байыркы баалуулуктар
C) Бүткүл адамзаттын турмушу үчүн кадырлуу, маанилүү болгон баалуулуктар
D) Келечекке кызмат кыла турган баалуулуктар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Илгери кайсы жол түрдүү элдердин жетишкендиктеринен пайдалануга кызмат кылган?**

A) Улуу Кытай жолу
B) Улуу жибек жолу
C) Улуу Азия жолу
D) Улуу темир жол

**3. Нооруз майрамынын негизинде жаткан жалпы адамзаттык ойтилектер.**

A) Сүмөлөк
B) Көкбөрү
C) Батберек учуруу
D) Табиатка мээрим көрсөтүү, жер-эненин дөөлөттөрүнөн пайдалануу, аларды асырап-абайлоо

**4. Өлкөбүздө өткөрүлө турган эл аралык музыка фестивалы.**

A) Registon
B) Samarqand
C) «Sharq taronalari»
D) «Mumtoz maqomlar»

### «БИЗ – ӨЗБЕКСТАНДЫН ЖАРАНЫБЫЗ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Адамдын жарандыгы эмнени билдирет?
2. Жаран сөзү кандай маанини билдирет?
3. Илгери жаран сөзүнүн ордунда колдонулган кандай сөздөрдү билесиң?
4. Биз кайсы мамлекетке таандыкпыз?
5. Жарандык сезиминен эмне үчүн жүрөгүбүз кубанычка толот?
6. Биздин жаран иретиндеги милдетибиз эмнелерден турат?
7. Жарандык сезими патриоттук сапаттардын калыптанышында кандай орун ээлейт?
8. Жарандык милдетин жүрөктөн аткарып жаткан адамдардан кимдерди билесиң?
9. Төмөнкү сүрөттөрдөгү жарандык милдетин аткарып жаткан адамдар жөнүндө сүйлөп бер.


1


2


3


4



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТЕСТТЕР

**1. Жаран сөзү кандай маанини билдирет?**

A) Калк
B) Эл
C) Гражданин
D) Өкүл

**2. Илгери кайсы сөздөр жаран сөзүнүн ордунда колдонулган?**

A) Калк
B) Эл
C) Табаа, раият
D) Элет

**3. Биз кайсы мамлекеттин жараныбыз?**

A) Бактрия мамлекети
B) Кушан мамлекети
D) Өзбекстан Республикасы
E) Темурийлер мамлекети

**4. Биздин жаран иретиндеги милдетибиз эмнеден турат?**

A) Мыйзамга баш ийип жашоо
B) Китеп окуу
C) Театр жана киного баруу
D) Саякатка чыгуу

## «ПАТРИОТТУК» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Патриоттук деп эмнеге айтылат?
2. Мекенди ким дүйнөгө таанытат?
3. Патриоттук эмнеден башталат?
4. Чыныгы каармандык деген эмне?
5. Жалалиддин Мангубердинин эрдиги жөнүндө сүйлөп бер.
6. Жалалиддин Мангубердиге дем берген күч эмне эле?

## ТЕСТТЕР

**1. Мекенди дүйнөгө тааныта турган адамдар кимдер?**

A) Чыныгы патриот адамдар
B) Окуучу жаштар
C) Чоң муун
D) Жаш муун

**2. Патриоттук эмнени түшүнүүдөн башталат?**

A) Өзүн
B) Чындыкты
C) Мекен сезимин
D) Руханиятты



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Чыныгы каармандык деген эмне?**

A) Эр жүрөктүк
B) Кичи пейилдик
C) Айкөлдүк
D) Берилгендик

**4. Жалалиддин Мангубердиге кандай сезим күч-кайрат берген?**

A) Каармандык
B) Жеткилендик
C) Мекен сезими
D) Жер-эне сезими

## «МЕКЕНДИН ЗОБОЛОСУН КӨТӨРҮҮ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Эмне үчүн элибиз «Жаштар – Мекендин келечеги» дейт?
2. Келечегин ойлогон мамлекет эмнеге көңүл бурат?
3. Япония кантип кудуреттүү мамлекетке айланды?
4. Өткөн кылымдын башында агартуучу ата-бабаларыбыз кандай эрдик көрсөтүшкөн?
5. Абдулла Авланийнин тарбия жөнүндөгү пикирлерин айт.
6. Кадрлар даярдоонун улуттук программасы качан кабыл алынды?
7. Бүгүнкү күндө жаш муунга таасирин өткөрмөкчү болгон кандай кооптор бар?
8. Төмөнкү сүрөттөрдүн негизинде журтубузда жаш муун үчүн жаратылган мүмкүнчүлүктөр жөнүндө сүйлөп бер.


1


2


3


4

## ТЕСТТЕР

**1. Ким жаштар тарбиясына көңүл бурат?**

A) Тарых жөнүндө ойлогон эл
B) Бүгүнкү күн жөнүндө ойлогон коом
C) Келечегин ойлогон мамлекет
D) Руханият жөнүндө ойлогон улут



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2. Япония кандай мамлекет?**

A) Чоң мамлекет
B) Батыш мамлекети
C) Өнүгүп жаткан мамлекет
D) Өнүккөн кудуреттүү мамлекет

**3. Абдулла Авланийнин тарбия жөнүндөгү пикирлери кайсы жоопто туура берилген?**

A) Билим берүүнү тарбиядан ажыратууга болбойт
B) Тарбия биз үчүн же жашоо – же өлүм, же жардам – же кырсык, же бакыт – же балакет маселеси саналат
C) Тарбия – улуу байлык
D) Тарбия – устаттан

**4. Кадрлар даярдоонун улуттук программасы кайсы жылы кабыл алынган?**

A) 2004-жыл
B) 2009-жыл
C) 1997-жыл
D) 1991-жыл

## «БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕН ТАРБИЯНЫН ШАЙКЕШТИГИ» ТЕМАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Кимге дени соо деп айтууга болот?
2. Жеткилең сөзүнүн маанисин билесиңби?
3. Денени чыңдоо эмнени тарбиялайт?
4. Эмнелер рухтун тарбиясына кызмат кылат?
5. Төмөнкү сүрөттөрдөн дене жана рухтун тарбиясына кызмат кылган жагдайларды көрсөт.










6. Залкар ата-бабаларыбыздын эрдиктери жөнүндө мисалдар келтир.
7. Эрдик көрсөтүп дүйнө чемпиону болгон белгилүү боксчубуз ким?
8. Жаштарга арнап жазылган китептин атын айт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТЕСТТЕР

**1. Жеткилең сөзүнүн мааниси кайсы сапта туура берилген?**

A) Дени соо
B) Эр жүрөк
C) Жетик, мыкты
D) Бактылуу

**2. Кубада дүйнө чемпиону болгон белгилүү боксчубуз ким?**

A) Артур Григорян
B) Аббас Атоев
C) Элшод Расулов
D) Руфат Рискиев

**3. Журтубузда кайсы жыл «Sog'lom avlod yili» деп жарыяланган?**

A) 2005-жыл
B) 2007-жыл
C) 2000-жыл
D) 2010-жыл

**4. Президентибиздин жаштарга арнап жазылган китеби кандай аталат?**

A) O'zbekistonning o'z istiqlol va taraqqiyot yo'li»
B) «Olloh qalbimizda, yuragimizda»
C) «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch»
D) «Vatan va xalq mangu qoladi»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

* * *

*Кымбаттуу окуучу, инди элинин белгилүү перзенти, Индияда XX кылымдын 30-жылдарында башталган улуттук боштондук кыймылынын жол башчыларынан бири Жавахарлаъл Нерунун (1889–1964) төмөнкү ойлору да сенин Мекен жөнүндөгү түшүнүктөрүңдү кеңитүүгө кызмат кылат.*

*Бүткүл өмүрүн элдин азаттыгы үчүн жумшаган бул инсандын тагдырын өрнөк катары көрсөтүүгө болот. Ал улуттук боштондук рухундагы идеялары үчүн Индиядагы колонизатордук англис бийлиги тарабынан камакка алынган жана он жылдан ашуун өмүрүн туткунда өткөргөн. 1947-жылы, Индия боштондукка чыккандан кийин, Неру мамлекеттин Премьер-министри жана Тышкы иштер министри болуп иштеген. Инди элинде ал «Жаңы Индиянын куруучусу» деген наамга татыктуу болгон.*

*Неру түрмөдө отурган кездеринде Мекендин боштондугу жөнүндө ойлоо менен бирге, аталык милдетин аткарууну да унутпаган – кызы Индирага дүйнө тарыхы жөнүндө көптөгөн каттарды жазган. Бул каттарда дүйнөнүн тарыхы, адамзаттын тагдырындагы эң маанилүү окуялар Мекендин кызыкчылыктарын назарда туткан түрдө баяндалган. Неру ушундай жол менен кызынын жүрөгүнө Мекен сезимин сиңдирүүгө, аны эрки бекем, акыл-эстүү инсан, өз элине татыктуу перзент кылып тарбиялоого аракеттенген. Нерунун кызы Индира кийинчерээк атасынын изинен барып, көрүнүктүү саясатчы жана мамлекеттик ишмер, Индиянын патриот перзенти болуп жетишкен. Анын бул даражага жетишинде атасынын тарбиясы, атап айтканда, түрмөдөн жөнөткөн каттары да чоң роль ойногондугуна шек жок.*

*Көп жылдар бою Индиянын Премьер-министри болуп иштеген, мамлекетинин гүлдөшүнө, дүйнө элдеринин ортосундагы достукту бекемдөөгө чоң салым кошкон Индира Ганди ошол каттардын жазылышына себепчи аял. Тилекке каршы, билимдүү, акылман саясатчы инди элинин душмандары тарабынан өлтүрүлгөн. Индира Гандинин уулу Раджив Ганди да таятасы жана апасынын изинен барып, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер болуп жетишкен, бирок ал да мыкаачылыктын курманына айланган. Учурда анын ишин аялы Сония Ганди улантып жатат.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Жавахарлаъл Нерунун кызына жазган каттары үч томго чогултулуп, «Дүйнө тарыхына бир назар» аты менен басмадан чыккан. Сага сунушталып жаткан төмөнкү катта улуу бабабыз Захириддин Мухаммад Бабур жөнүндө баяндалат, бул улуу инсандын Индиянын өнүгүшүнө кошкон салымына жогору баа берилет.*

### Бабур

*1932-жылдын 3-сентябры*

Мен сага Бабур жөнүндө илгери да кээ бир нерселерди айткан элем. Ал Темурдун тукумунан эле. Бабур дүйнөдөгү эң сүйкүмдүү жана билимдүү инсандардын бири болгон. Ал тар сектанттык (мазхабчылык) көз караштардан жана диний догмалардан алыс эле. Гүлдөрдү жана бактарды жактырчу, Индиянын ысык аптабында өзүнүн Орто Азиядагы Мекенин бат-бат эстечү. Бабур Самарканддын өкүмдары болгондо 11 жаштагы бала болчу[1]. Бул милдетти аткаруу кыйла чоң жаштагы адамдардын да колунан келбейт болчу. Анын айланасын душмандары куршап алган эле.

Жаш эркек балдар менен кыздар мектепке каттай турган мына ушул жашта ал колуна кылыч алып, согуш майдандарында күрөш алып барды. Ал өзүнүн тактын алдырып коюп, аны дагы кайра тартып алды жана өзүнүн коогалуу турмушунда эчендеген сыноолорго туш келди. Ошого карабай, адабият, поэзия жана көркөм өнөр менен алектенүүгө да убакыт тапты. Жаштык кайраты аны тынч жашоого койбойт эле. Жаш шаазаада Кабулду багындыргандан кийин, Индикуш тоосунан өтүп, Индияга бастырып кирди. Анын колу анчалык көп эмес эле, бирок анда ошол кездерде Европада жана Батыш Азияда колдонула баштаган замбиректер бар эле. Ошол согушта ага

[1] Неру өзүнүн каттарын түрмөдө жазганы, колунда зарыл китептер болбогону үчүн кээде каталарга да жол койгон. Бабур 11 жашта эмес, 12 жашында Ферганада падыша болгон. Бул жөнүндө анын өзү «Бабурнаама»да «Фергана вилаятына он эки жашта падыша болдум», деп жазат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

каршы чыккан эсепсиз согушчан топтор мына ушул жакшы үйрөтүлгөн аз сандуу кол тарабынан замбиректердин жардамында таптакыр жок кылынат жана Бабур жеңишке жетишет.

Бирок бул улуу инсандын тагдырындагы кыйынчылыктар ошону менен жоюлуп калбайт, анын өмүрү дагы канча жолу кооптуу коркунучтарга дуушар болот. Бир жолу анын өмүрү кылдын үстүндө турганда, кол башчылары түндүккө чегинүүнү кеңеш беришет. Бирок ал эр жүрөк инсан эле, ошол себептүү, артка чегингенден көрө, өлүмдү абзел көрөмүн, деп жооп берет.

Ал шарапты жактырчу. Бирок өмүрүнүн мына ушул тобокелдүү учурунда ичкиликти таштоону чечет жана өзүнүн бардык чөйчөктөрүн сындырып салат. Ошондо ал жеңип чыгат жана убадасында бекем туруп, шарапты кайра оозуна албайт.

Бабур Индияда болгону төрт жыл жашады. Кийин ал каза тапты. Бул төрт жыл тынымсыз согуштарда өттү, ага тынчтык болбоду. Ал Индияда чоочун жана жат өкүмдар болуп кала берди, анткени бул өлкөнү жакшы билбейт эле.

Бабур Агра шаарында жогорку деңгээлдеги борборду курду. Ошол максатта Константинополь – Стамбулдан белгилүү бир архитекторду алып келүү үчүн атайын киши жиберет.

Ал Индия жөнүндө, анын айбанаттары жана гүлдөрү, дарактары жана мөмөлөрү жөнүндө аңгеме жазат, ошондой эле бакаларды да эстен чыгарбайт. Өзүнүн Мекениндеги коондорду, жүзүмдөрдү жана гүлдөрдү эстеп, анын жүрөгү чексиз кусалыкка толот.

Ошол эле мезгилде Индиядагы адамдардан көңүлү калганын да жашырып отурбайт. Падышанын жазышы боюнча, бул жерде алардын пайдасына сүйлөгөн бир да жанды жолуктурбаган. Ыктымал, ал, он жылга созулган согуштар себептүү, бул жердеги элди үйрөнүүгө убакыт таба албагандыр, ал эми кыйла маданияттуу катмарлар болсо жаңыдан пайда болгон баскынчы өкүмдар менен мамиле жасагылары келбеген.

Балким четтен келген адамга башка элдин турмушун билүү, маданиятын түшүнүү кыйын болгондур. Эмнеси болгондо да,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бабур бул жерде кыйладан бери бийлик жүргүзүп келген оогандардан да, көпчүлүк жергиликтүү элден да таң калтыраарлуу эч кандай касиетти көрбөгөн. Ал аябай баамчыл киши эле, эгерде четтен келген киши иретинде бир аз апыртып жиберген деп эсептегенибизде да, анын аңгемелери ошол учурда Түндүк Индия аянычтуу абалда болгонун көрсөтөт. Түштүк Индияга болсо анын кадамы жетпеген.

«Хиндистан мамолики, — деп жазат Бабур, — васе ва пурмардум ва пурхасыл[1] вилоят ваке болубтур. Шарки ва жануби, балки гарби хам Мухит дарясига мунтахи[2] болур. Гарби ва шимали Кабул ва Газни ва Кандахар воке болубтур. Жами Хиндистан вилоятиниң пойтахти Дехли эрмиш».

Белгилей кетчү нерсе, Индия ал жеңген убакытта чакан бөлүктөргө бөлүнүп кеткен болсо да, Бабур аны бүтүн мамлекет деп түшүнгөн. Индиянын мындай бүтүндүгү идеясы өлкөбүздүн бүткүл тарыхы бою сакталып калды.

Бабур Индияны сүрөттөөнү улантып, жазат: «Гариб мамлакате ваке болубтур. Бизнинг вилаятларга бака өзга аламедур[3]. Таг ва даряси ва жаңгал ва сахраси, мавазе ва вилояти ва хайванат ва набатати, эли ва тили ва ямгури ва ели — барча өзгача ваке болубтур... Синд сувни өткач, ер ва сув ва йигач ва таш ва ел ва улус ва рах ва расм[4] тамами Хиндистан тарий киладур[5]... Яна Хиндистан бакалари, агарчи ошол бакалардектур, вале бу бакалар сувниң юзида етти-саккиз кары[6] югурадурлар».

Андан кийин ал Индиядагы айбандарды, гүлдөр, дарактарды жана мөмөлөрдү санап чыгат. Кийин адамдарды мүнөздөөгө өтөт.

---

[1] Кеңири, эли көп жана бай мамлекет экен.

[2] Океанга туташ.

[3] Биздин вилаяттардан таптакыр өзгөчө.

[4] Үрп-адат жана салттар.

[5] Индияга мүнөздүү түрдө.

[6] Кару — колдун учунан билекке чейин болгон узундуктагы аралык же бир газ. Бир газ 71 сантиметрге барабар. 7—8 кару болжол менен беш — беш жарым метрди түзөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Латафатеким, Хиндистанда бар – улук вилоятдур, – деп жазат Бабур. – Ва алтун ва ярмагы калын[7] боладур ва рашкол хавалари бисяр хоб боладур... Яна бир латофати будуркым, харф синфдин ва хар харфгардин[8] бехад ва бенихаят көпдүр. Хар иш үчүн ва хар нима үчүн жами мукаррар ва муайяндиркым, ата-аталардин бери ул иш ва ул нимани кыла келгандурлар».

Мен Бабурдун «Бабурнаама» чыгармасынан кыйла цитаталарды келтирдим. Мындай китептер бизге адамды мүнөздөп берүүгө каратылган ар кандай аракеттерден көрө көбүрөк түшүнүк берет.

Бабур 1530-жылы, кырк тогуз жашында каза табат[9]. Анын өлүмү жөнүндө мындай бир уламыш бар. Айтымдарга караганда, анын тун уулу Хумаюн катуу ооруп калып, табыптар эч бир даба таба алышпаптыр. Ошондо Бабурдын кеңешчилери жакшы нерселерден кудайдын жолуна курмандык чалуу керек, деп кеңеш беришиптир. Бабурдын аталык мээрими күч алып, «Мухаммад Хумаюндун менден башка жакшыраак эч нерсеси жок, мен өзүмдү курман чалайын, кудай кабыл алсын» деп, өз жанынын ордуна уулунун өмүрүн сурануууну чечиптир. Ушундай токтомго келген Бабур Хумаюн жаткан бөлмөгө кирип, үч жолу аны айланып, «Кандай дартың болсо да мен алайын», дептир. Ошол заматтан баштап Хумаюн айыгыптыр, Бабур болсо алдан тайыптыр жана бир нече күндөн кийин каза тапкан экен.

Бабурдын денесин Кабулга алып барып, мурда өзү жактырган бактын ичине коюшат. Ошентип, ал өзү сагынган гүлдөр өлкөсүнө кайтат.

---

[7] Алтын жана күмүшү көп.

[8] Өнөр-кесип ээлери.

[9] Чындыгында Бабур 47 жашында кайтыш кылган. Анткени ал 1483-жылы төрөлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

*Биринчи глава*. **Мекендин азаттыгы – эң жогорку бакыт** ..................... 3

Эң ыйык, эң куттуу майрам ..................................................... 3
Эгемендүүлүгүбүз түбөлүктүү болсун! ........................................... 9
Мекенибиздин борбору ........................................................ 15
Өзбекстан Улуттук паркы ...................................................... 21
Ыйык зыярат жерлери ......................................................... 26
Тарыхый эстутум .............................................................. 32
Байыркы Регистан ............................................................. 37

Кайталоо ....................................................................... 42

***Экинчи глава*. Дүйнө мартты тааныйт** ........................................ 55

Материалдык жана руханий турмуш ............................................ 55
*Практикалык көнүгүү*. Айкөлдүк .............................................. 59
Отто күйбөс мурас ............................................................. 62
*Практикалык көнүгүү*. Өзбекстан залкар окумуштуулар өлкөсү .. 66
Улуттук баалуулуктарыбыз ..................................................... 70
Жалпы адамзаттык баалуулуктар .............................................. 75
Биз – Өзбекстандын жаранныбыз ............................................... 78
Патриоттук ..................................................................... 83
*Практикалык көнүгүү*. Өзбекстандын чыныгы перзенттери..... 87
Мекендин зоболосун көтөрүү .................................................. 91
Билим берүү менен тарбиянын шайкештиги ..................................... 97

Кайталоо ...................................................................... 104

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XAYRIDDIN SULTONOV, MURTAZO QARSHIBOYEV

# VATAN TUYG'USI

**Umumiy o'rta ta'lim maktablarining 6-sinflari uchun o'quv qo'llanmasi**

*(Qirg'iz tilida)*

*To'ldirilgan va qayta ishlangan 4-nashri*

*Toshkent «Ma'naviyat» 2015*

Которгон *А. Зулпихаров*
Редактору *А. Зулпихаров*
Сүрөтчү *С. Соин*
Корректору *А. Зулпихорова*
Компьютерде даярдаган *Ш. Сохибов*

Лицензия AI №189, 2011-жыл 10 майда берилген. Басууга 25.06.2015-ж. да уруксат берилди. Форматы 70x90 $^1/_{16}$. Арип түрү «Таймс». Офсеттик басма усулда басылды. Шартту басма табак 8,77. Учеттук басма табак 7,2. Нускасы 741. Буюртма № 15-296.

«Ma'naviyat» басма үйү. Ташкент, Тараккиёт 2-туюк көчөсү, 2-үй. Келишим №34-15.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү басмаканасында басылды. Ташкент, Навоий көчөсү, 30. 2015.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү кретийлери негизинде толтурулат**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарсыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE